# МУНИЦИПАЛИТЕТ
## жана соцтапшырык

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | АПРЕЛЬ 2015 | № 4 (41) чыгарылышы

Муниципалитет социалдык тапшырык аркылуу ЭМНЕ аларын билет, ал эми бейөкмөт уюмдар болсо аны КАНТИП ишке ашырса болорун билишет

## БУЛ САНДА:

### Эл аралык тажрыйба

Болгариядан эмнени үйрөнө алабыз? .......... 2

Болгариянын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өзгөчөлүктөрү .......... 3

Социалдык коргоо – болгариялык муниципалитеттин жана БӨУнун миссиясы .......... 6

Социалдык тапшырык – ЖӨБ менен БӨУнун жамааттык иши .......... 11

### Пилот: Кыргызстандагы муниципалдык социалдык тапшырык

Долбоордун кыйынчылыктары: БӨУнун коммуникациялары, бирикмелери, инфраструктура .......... 16

Муниципалдык социалдык тапшырыктын буйрутмачыларын жана аткаруучуларын окутуу .......... 19

Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Каныш-Кыя АА: "Баластан" долбоору .......... 20

Кара-Көл шаары (Жалал-Абад облусу): "Балдар бөтөн болбойт" долбоору .......... 21

Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун Каргалык АА: "Күндүзгү реабилитациялык борборду ачуу аркылуу мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын адаптациясы жана реабилитациясы .......... 21

Баткен облусунун Лейлек районундагы Катран АА: "Балдардын билим берүүсүнө инвестициялоо" долбоору .......... 22

Талас облусунун Талас районундагы Көк-Ой АА: "Биз мектепке даярбыз" долбоору .......... 22

Талас облусунун Талас районундагы Өмүралиев АА: "Аталардын мурасы" долбоору .......... 23

Баткен облусунун Лейлек районундагы Сумбула АА: "Коммуна айылындагы (Сары-Дөбө) мектепке чейинки билим берүү борборун ачуу" долбоору .......... 24

Таш-Көмүр шаары (Жалал-Абад облусу): "Таш-Көмүр шаарынын жаштарын коомдун социалдык-маданий өнүгүүсүнө тартуу" долбоору .......... 24

Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Терек-Сай АА: "Аз камсыздалган үй-бүлөлөрдө өскөн балдардын, жетимдердин жана жарым-жартылай жетим балдардын мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүгүн камсыздоо" долбоору .......... 25

Баткен облусунун Лейлек районундагы Тогуз-Булак АА: "Өзгөчө муктаждыктары бар балдар үчүн күндүзгү реабилитациялык борборду ачуу" долбоору .......... 25

Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Чаткал АА: "Бала Нур" долбоору .......... 26

### Адабияттагы жаңылыктар

"Социалдык долбоорлорду баалоо" китебин сунуштайбыз .......... 27

Долбоорду башкарууда баалоонун ролу жана орду .......... 27

*2015-жылдын апрель айы үчүн "Муниципалитет" журналынын № 4(41) атайын чыгарылышы социалдык тапшырыкка арналат жана Германия эл аралык кызматташтык коомунун (GIZ) "Жарандык коомду колдоо фонду" долбоору каржылаган "Муниципалдык социалдык тапшырыктын негизинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу маселелерин чечүүдө БӨУ менен ЖӨБнын өнөктөштүгү" Долбоорунун алкагында чыгарылды. Мындан ары журналдагы орундарды үнөмдөө максатында бул "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоору" деп кыскартылып берилет.*

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге дарекtелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**




# Болгариядан эмнени үйрөнө алабыз?

Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү реформалоо, мамлекеттик социалдык тапшырык, бийликти бир жерде топтоштуруудан арылтуу жана борборлоштурууну азайтуу тууралуу ар кандай макалаларда, окуу китептеринде, маалыматтык жана аналитикалык материалдарда Болгариянын тажрыйбасына шилтемелер көп кездешет. Бул да жөн жерден эмес. Акыркы жылдары бул чакан өлкөдө социалдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө бир топ маанилүү өзгөрүүлөр орун алып, бул болсо социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү калкка жакындатууга, аларды алуучулардын керектөөлөрүнө жакшыраак жооп берип, мурдагыдан да даректүү кылууга жол ачты. Элестүү айта турган болсок, Болгарияда социалдык кызмат көрсөтүү мүмкүн болушунча адамга жакын болуп, персоналдашып, бара-бара “камкордук”, “коргоо”, “өнүгүү үчүн шарттар” түшүнүктөрүнүн чыныгы маанисине жакын боло баштады. Бир жерде топтоштуруудан арылтуу жана мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жолу менен Болгарияда муниципалитеттер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары социалдык жардамдын жана коргоонун башкы оператору болуп калышты. Ошону менен бирге социалдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө маанилүү ролду бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдар ойнойт. Алар социалдык маселелерди чечүүгө жеӊ түрө киришип, болгар коомунун жана башкаруу органдарынын алдында өзүн көрсөтө алышты. Болгария менен Кыргызстандын көлөмүн, бирдей административдик-буйрук берчү өткөн чагын, жашоо деңгээлин жана калктын кирешесин салыштыра келгенде бул өлкөнүн тажрыйбасы ага жөнөкөй сереп жасоого гана эмес, дыкат, ийне-жибине чейин изилдөөгө, Кыргызстандын шарттарында чечмелеп берүүгө татыктуу деп баа бере алабыз. Болгондо да бери дегенде реформалардын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттарына карата айта турган болсок. Албетте деталдары биздин ата мекендик, кыргызстандык болуш керек жана болот. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун социалдык кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү ролу менен жакындан таанышып келүү үчүн 2015-жылдын апрель айында Болгарияга Кыргызстандан делегация аттанып кетти. Делегациянын курамына бейөкмөт уюмдардын, муниципалитеттердин, ошондой эле мамлекеттик органдардын – КР Өкмөт аппаратынын жана КР Социалдык өнүгүү министрлигинин өкүлдөрү кирди. Бул сапарды Германия эл аралык кызматташтык коомунун (GIZ) "Жарандык коомду колдоо фонду" долбоору финансылык колдоосу алдында Өнүктүрүү саясат институту жана Болгариянын Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү фонду уюштурду. Сапардын жүрүшүндө жасалган байкоолор бул түрмөктүн өзөгүн түзөт.



# Болгариянын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өзгөчөлүктөрү

Болгарияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын уникалдуулугу – узак мезгил бою Осмон империясынын бийлиги алдында жашаган, мамлекеттүүлүгү болбогон өлкө ошол эле маалда жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына ээ болгон. Болгариянын муниципалитеттери кылымдар бою болгар мектептерин каржылап, жергиликтүү калкка камкордук көрүп келген.

Бүгүнкү күндө Болгарияда башкаруу системасы мыйзам боюнча эки деңгээлдүү – улуттук деңгээл жана 28 облус, бул облустарда мамлекеттик башкаруу иштейт жана 265 муниципалитеттин атынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу. Муниципалитеттерден жана облустардан тышкары өлкөдө дагы алты мындайча айтканда пландоо региондору бар. Бул административдик деңгээл эмес, өзүнүн өнүгүү стратегиясына, өнүгүү боюнча кеңештерине ээ болгон облустардын шарттуу бирикмелери бар. Бирок аларда башкаруу органдары жок. Алар Европа биримдигинин таасири менен пайда болгон. Аталган биримдиктин ага кирген катышуучу өлкөлөр үчүн аймактарды өнүктүрүүнүн кеңири программасы бар. Бирок региондор белгилүү бир сандык параметрлерге шайкеш келиш керек. Өзүнүн административдик-аймактык түзүлүшүн Евробиримдиктин стандарттарына тууралоодон качкан Болгария облустарды пландоо региондорунда бириктирүү аркылуу компромисстик вариантты тандап алды. Эми регионалдык стратегиялар Болгариянын регионалдык өнүгүүсү үчүн Евробиримдиктен финансылык жардамды алып туруунун аспабы жана шарты катары кызмат өтөйт.

Болгарлар мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функцияларын ажыратууну олуттуу көйгөй катары көрүшпөйт. Жогоруда айтылгандай, региондор деңгээли административдик функцияларга ээ эмес – болгону Евробиримдик менен байланыш үчүн региондордун өнүгүүсүн стратегиялык пландоо функциясы бар. Мамлекеттик башкаруунун облустук деңгээли облусту өнүктүрүүнү пландоо, мамлекеттик менчикти башкаруу, мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерине административдик көзөмөл жүргүзүү менен алектенет (69 контролдук функция жана 42 кызмат көрсөтүү боюнча функция бар). Муниципалитеттер жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу менен алек.

Баары түшүнүктүү деңизчи, бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерине мамлекеттик административдик көзөмөл функциясы одоно угулгансыйт. Бул мамлекеттин жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иштери-

## Болгарияда кызмат көрсөтүүдө муниципалитеттердин ролу

- Билим берүү – мектептердин 86%, бала бакчалардын 95%.
- Саламаттык сактоо – саламаттык сактоо мекемелеринин 50%.
- Социалдык кызмат көрсөтүүлөр – өлкөдөгү бардык кызмат көрсөтүүлөрдүн 88%: карылар үчүн үйдө кам көрүү, мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар жана адамдар үчүн социалдык институттар.
- Маданият, спорт, туризм – театрлар, китепканалар, спорттук жана туристтик объекттер.
- Коомдук кызмат көрсөтүүлөр – көчөлөр; жолдордун, суу менен камсыздоонун жана канализациянын, калдыктарды башкаруунун 63%.
- Административдик кызмат көрсөтүүлөр – жарандык регистрлер; курулушка уруксат берүү ж.б.

не кийлигишүүсү жана анын көз карандысыздыгын басмырлоо дегенди түшүндүрүп жүрбөсүн? Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул мамлекеттик башкаруу системасынын бир бөлүгү деген доктринадан улам мындай эмес. Негизи эле жергиликтүү өз алдынча башкаруусу бар дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө мамлекет ЖӨБ органдарына административдик, финансылык жана атүгүл саясий көзөмөл жүргүзүүнүн көптөгөн ар түрдүү формаларын колдонот. Мында жаман эч нерсе жок – “борбордук бийликтин жергиликтүү өз алдынча башкаруунун үстүнөн көзөмөлү... жергиликтүү башкаруунун эффективдүүлүгүн камсыздоого, жергиликтүү бийликтин кызмат көрсөтүүлөрүн стандартташтырууга көмөктөшүп, жергиликтүү бийликтин өз бийлигин кыянатчылык менен пайдалануусунан жарандарды коргоп, финансы, экономика жана жалпы пландоо жаатында улуттук саясий багытты ишке ашырууга көмөк көрсөтөт”[1]. Бул көзөмөл жергиликтүү өз алдынча башкаруу түшүнүгүн алмаштырбастан көзөмөл бойдон калыш керек – маселе мына ушунда гана. Болгарияда ЖӨБ органдарынын чечимдери өлкөнүн мыйзамдарына шайкеш келип-келбегенине көз салуу менен гана чектелет. Ошону менен бирге облус ЖӨБ органынын чечимдерин токтотуп кое алат, ал эми соңку чечимди сот кабыл алат. Мындай система Польшада да орнотулган. Бул өлкөдө воевода (губернатордун бир түрү) да муниципалитеттердин чечимдери мыйзамдарга шайкеш келип-келбегенин текшерип турат[2].

Болгариянын ЖӨБ органдарында төмөнкү чөйрөлөрдө чечимдерди кабыл алуу укугу бар (компетенцияга ээ): муниципалдык мүлк жана ишканалар, жергиликтүү финансы, салыктар жана жыйымдар; аймакты көрктөндүрүү жана өнүктүрүү, коммуналдык чарбачылык; билим берүү – мектепке чейинки тарбия, баштапкы, негизги жана орто билим берүү; саламаттык сактоонун алгачкы деңгээли; маданият; социалдык жардам; айлана-чөйрөнү коргоо, спортту жана туризмди өнүктүрүү. Болгарияда бюджеттер аралык мамилелер системасы кирешелердин децентралдашуусунун бир кыйла жогорку даражасы менен мүнөздөлөт – жергиликтүү бюджеттердин 60 пайызы – бул кирешенин өз булактары, 40 пайызы - субсидиялар.

Ошону менен бирге Эсептөө палатасы, коомдук секторлордо финансылык башкаруу жана контроль, мамлекеттик финансы инспекциясы, коомдук секторду ички аудит тууралуу мыйзамдарга негизделген финансылык көзөмөл системасы жакшы өнүккөн. Акыркысы Кыргыз Республикасы үчүн чоң кызыгууну жаратат. Анткени ички аудит институтун киргизүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык тартибин жогорулатууга жана КР Башкы прокуратурасы какшап келаткан мыйзам бузуулардын санын кыскартууга тийиш.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын структурасы тууралуу айта турган болсок, Болгарияда албетте жергиликтүү кеңештер жана аткаруучу органдар бар. Кеңештин депутаттары өзүнүн депутаттык милдеттерин аткарууга сарптаган убак-




1 Пивоваров Г. А. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик көзөмөл. Төм. сайттан таба аласыз: http://www.law.edu.ru/doc/document.asp?docID=1118727
2 “Муниципалитет” журналынан таба аласыз

тысы үчүн бир аз акча алышат. ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын жетекчилери 4 жылга шайланат. Ошону менен бирге мэрлердин ротация үлүшү 50 пайызды түзөт – бул ротациянын жогорку деңгээли. Бул болсо муниципалитеттер деңгээлинде жигердүү саясий турмуштан кабар берет.

## Муниципалдык кызматчылардын саны: Кыргызстанда көйгөй барбы?

Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкарууга жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга кеткен чыгашаларды оптималдаштыруу, анын ичинде мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын санын кыскартуунун эсебинен азайтуу зарылчылыгы тууралуу көп сөздөр айтылып келатат. Анткен менен кызматчылардын санын кайра-кайра кыскарта берүүгө болбойт. Антпесе башкаруу системасы жөн гана иштебей токтоп калат. Башкаруу тууралуу илимде башкаруунун мамлекеттик жана муниципалдык системасында кызматчылардын туура саны кандай болуш керектиги тууралуу талаш-тартыштар токтобой келатат. Биз болгону Болгария менен Кыргызстандагы көрсөткүчтөрдү салыштырып карайлы.

1-таблицада көрүнүп тургандай, Болгарияда жана Кыргызстанда мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын пропорциялары дээрлик окшош. Анткен менен бир миң жашоочуга муниципалдык кызматчылардын санына карата кырдаалды жакындан карап көрө турган болсок, Кыргызстанда муниципалитеттерде иштегендердин саны аз болгону түшүнүктүү болот – болгону эки гана адам миң киши үчүн жергиликтүү маанидеги маселелер менен алектенет. Болгарияда болсо миң жашоочуга дээрлик беш муниципалдык кызматчы туура келет. Ошону менен бирге Болгарияда муниципалитеттердин саны дээрлик эки эсе аз, ал эми муниципалитеттерде калктын орточо саны Кыргызстанга салыштырмалуу эки эсе көп. Эгерде биз Болгарияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кыргызстанга салыштырмалуу дагы да майнаптуу иштеп жатат деген ырастоого макул болсок, ал эми



эффективдүүлүктүн факторлорунун бири муниципалитеттин көлөмү болсо, анда бул статистика Кыргызстандагы муниципалитеттерди ирилештирүүнүн тарапкерлеринин пайдасына айтып турат.

Кызыгы, мамлекеттик, анын ичинде борбордук органдардын кызматкерлери жана муниципалитеттердин кызматчылары бирдей статуска ээ – баары мамлекеттик кызматчы болуп эсептелет. Болгарияда бул факт муниципалдык башкаруу органдарында кадрлардын таңсыктыгы көйгөйүн жеңүүгө жол берген административдик реформанын ийгилигинин бир шарты катары каралат. Жакырчылыкка карата шарттарда – Болгарияда азык-түлүк Кыргызстанга салыштырмалуу арзан, ал эми киреше деңгээли анча деле жогору эмес –эгерде жарандар мындан да жакшы шарттарды издеп Европанын башка өлкөлөрүнө кетпесе эле муниципалдык кызмат алар үчүн чоң кызыгууну туудурат (Евробиримдикке киргенден кийин Болгария үчүн калктын миграциясы башкы көйгөй болуп калды). М

***1-таблица. Болгарияда жана Кыргызстанда мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын саны тууралуу салыштырмалуу маалыматтар***

| Көрсөткүч | Болгария | Кыргызстан |
|---|---|---|
| Калктын саны | 7364,6 миң киши (2011-жылы) | 5776,6 миң киши (2014-жылы) |
| Жалпы санга карата мамлекеттик кызматчылардын үлүшү | 57% | 56% |
| Жалпы санга карата муниципалдык кызматчылардын үлүшү | 43% | 44% |
| Муниципалитеттердин саны | 256 | 457 |
| Муниципалитет калкынын орточо саны | 26,5 миң киши | 12,6 миң киши |
| Бир муниципалитетте кызматчылардын орточо саны (“бюджеттегилерди” эсепке албаганда) | 125 киши | 26 киши |
| 1 миң кишиге муниципалдык кызматчылардын орточо саны | 4,7 | 2 |

Булак: Болгариядагы жолугушууда белгилүү болгон маалыматтар; КР Мамлекеттик кадр кызматынан алынган маалыматтар http://www.mkk.gov.kg/index.php?option=com_content&view=category&layout=blog&id=157&Itemid=137&lang=ru, Википедиядан алынган маалыматтар.



# Социалдык коргоо – болгариялык муниципалитеттин жана БӨУнун миссиясы

## Мамлекеттин ролу – саясат



Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлиги кээде боорду оорутат – милдеттердин жана ыйгарым укуктардын аягы көрүнбөгөн көлөмү министрликте иштеген адистерге социалдык өнүгүү саясатына толук өлчөмдө көңүл бурууга жол бербейт. Мунун ордуна алар калктан, өкмөттөн жана башка башкаруу структураларынан түшкөн өтүнүчтөргө, кайрылууларга көмүлүп, күнүмдүк суроо-талаптарды чечүү менен гана алектенип калышкан. Жарандар министрликти кызмат көрсөткөн оператор катары көрүүгө көнүп калды. Бул туура эмес. Ошондуктан сапардын катышуучуларына Болгария Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин мисалында министрлик өзүнүн саясий функцияларын майнаптуу аткаруусу үчүн кандай шарттар түзүлгөнүн көрүү кызык болду. Министрдин орун басары Лазар ЛАЗАРОВ 2003-жылга чейин бардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекет ишке ашырып келгенин, системанын алкагында социалдык мекемелер жабылганын айтып берди. Социалисттик өлкөлөрдө болуп келгендей, жардамга муктаж адамдарды башкалардан айырмалуу резервацияларга – майыптар үйлөрүнө, балдар үйлөрүнө, карылар үйлөрүнө ж.б. жашатып келишкен. Жети жылдын ичинде, 2010-жылдан тарта Болгария системаны реформалады – социалдык жардамды жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү деинституционалдаштырды, мүмкүн болгон бардык жабык типтеги мекемелерди жаап, ыйгарым укуктарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү муниципалдык деңгээлге өткөрүп берди.



Бүгүнкү күндө мамлекет критерийлер, методикалар, стандарттар жана мониторинг үчүн гана жоопту. Социалдык кызмат көрсөтүүгө муктаждык жана жардам берүү менен муниципалитеттер, бейөкмөт уюмдар жана бизнес-структуралар түздөн-түз алектенет. Кызмат көрсөтүү жана аны пландоо да муниципалитеттер деңгээлинде жүзөгө ашырылат. Алар муктаж болгондордун санын, кызмат көрсөтүүлөрдүн түрүн, финансыны жана каржылоонун булактарын аныктаган социалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча өз стратегияларын иштеп чыгат. Муниципалдык стратегиялар облустук деңгээлде бириктирилет жана улуттук пландоого кошулат (2015-жылы пландоонун алгачкы беш жылдык мезгили соңуна чыгат).

Министрликке караштуу Социалдык жардам агенттиги (СЖА) түзүлгөн – бул кызматчылардын саны 5 миңге жеткен, 147 аймактык бөлүмчөсү бар (ар бир бөлүмчө бирден төрткө чейин муниципалитетти көзөмөлдөйт) кубаттуу мамлекеттик структура. СЖАнын аткаруучу директору Янита МАНОЛОВА социалдык жардам системасында муниципалитеттердин алдыңкы ролун баса белгилеп өттү: “Болгариянын мыйзамдарында социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн эки негизги тобу бар – эски типтеги кызмат көрсөтүүлөр – интернаттык мекемелер. Булардан биз бара-бара таптакыр баш тартып жатабыз жана муниципалдык деңгээлге өткөрүлүп берилген кызмат көрсөтүүлөр. СЖАнын ролу тууралуу айта турган болсом, ал төрт негизги эреже (милдет) менен чектелет – кызмат көрсөтүүлөрдү ачууга жана жабууга байланыштуу талашсыз укук, кызмат көрсөтүүнүн керектөөчүлөрүнүн санын аныктоо (таап чыгуу эмес, белгилөө; муниципалдык социалдык стратегияларды иштеп чыгууга катышуу; стандарттарды аныктоо; мониторинг жүргүзүү. Дагы биз социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдү каттайбыз (балдар үчүн кызмат көрсөтүүгө келгенде Балдар укугун коргоо боюнча агенттиктен лицензия талап кылынат). Бирок социалдык кызмат көрсөтүүнү “ачуу” демилгесин адатта муниципалитет көтөрөт”.

## Муниципалитет социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү “ачат”

Долна Баня аттуу чакан элеттик муниципалитеттин социалдык кызматынын жетекчиси Милена МАЧКАНОВА социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана жардамды үч моделге бөлдү: “Биринчи модель социалдык кызмат көрсөтүүнү мамлекеттик субсидиянын эсебинен өткөрүп берүү механизми аркылуу ишке ашырууну караштырат. Экинчи модель – бул өзүбүздүн муниципалдык социалдык кызмат көрсөтүүлөрүбүз, алар жергиликтүү бюджеттин эсебинен ишке ашырылат. Бирок биз кийин мамлекеттен компенсация сурай алабыз. Үчүнчү модель – бул атайын фонддордун жана долбоорлордун эсебинен кошумча кызмат көрсөтүүлөр”.



Экинчи модель жамааттын көз карашынан алганда чоң кызыгууну пайда кылат. Анын маңызы – муниципалитет өзүндө жаңы социалдык кызмат көрсөтүүнү “ача алат”. Бул мындайча ишке ашат: аткаруучу органдын социалдык кызматы керектөөлөрдү изилдеп чыгып, жаңы керектөөнү же максаттуу топту таап чыгат, жаңы кызмат көрсөтүүгө зарылчылык бар болгонун тастыктап берет жана бул сунушту жергиликтүү кеңештин кароосуна алып чыгат. Албетте социалдык кызмат келтирген жүйөдө бардык зарыл болгон финансылык маалымат, анын ичинде кызмат көрсөтүүнү каржылоонун булактары камтылат. Жергиликтүү кеңеш аткаруучу органдын сунушун карап чыгат жана кызмат көрсөтүүнү “ачуу” тууралуу чечим кабыл алат. Ошону менен бирге зарыл болгон тиешелүү өзгөрүүлөр жергиликтүү бюджеттин долбооруна киргизилет. Ошол эле маалда жаңы кызмат көрсөтүү тууралуу сунуш Социалдык жардам агенттигинин жергиликтүү аймактык бөлүмчөсүнө багытталат. Мына ушул жерден кызыктын баары башталат.

Жергиликтүү кеңеш кызмат көрсөтүүнү өз эсебинен каржылап берүүгө укуктуу жана адатта ушундай эле болот. Себеби бийлик структураларынын графиктери жана иш календарлары дай-



ыма эле туура келе бербейт. Ал эми СЖА муниципалитеттин кызмат көрсөтүүнү “ачуу” тууралуу сунушун карап чыгып, өз чечимин чыгарат. Эгерде чечим оң жагына кабыл алынса, башка айтканда Агенттик кызмат көрсөтүүнү “ачууну” жактырса, анда ал мамлекеттик каржылоого ээ болот жана жалпы теңдештирүүчү субсидияга кошулат. Ал эми мамлекет чечим кабыл алганга чейин муниципалитеттин кызмат көрсөтүү үчүн кетирген чыгашалардын орду мамлекеттик бюджеттен толукталат. Ошентип муниципалитет кандайдыр бир тобокелчиликке барат, бирок көп учурда Агенттик жамааттын сунушун жактырып берет. Себеби жаңы кызмат көрсөтүүлөр асмандан эле алынбайт, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жамааттын реалдуу жана актуалдуу керектөөлөрүнө жообу катары болот. Мындан тышкары Агенттик тарабынан оң жооп алуунун өтө маанилүү шарты – кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугун камсыздоого кепилдик болуш керек. Анын өзөктүү фактору катары кызмат көрсөтүлө турган имаратка менчик документи эсептелет. Мындай документти муниципалитет жаңы кызмат көрсөтүү тууралуу сунуш менен чогуу берүүгө милдеттүү.

Мисалы, эгерде муниципалитетте жаш энелер көп болуп, аларга балдарын калтыра турган күндүзгү борбор зарыл болсо, анда муниципалитет имарат бөлүп берип, тобокелчиликке салып борбор ачып берет. Ал эми мамлекет кийинчирээк кызмат көрсөтүүнү каржылайт. Мына ушул нерсе социалдык отчеттуулук кантип иштерин көрсөтөт. Милена МАЧКАНОВА: “Биз дайыма кырдаалга байкоо салып турабыз, калктын керектөөлөрүнө талдоо жүргүзөбүз, жаңы, инновациялык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү киргизүүгө умтулуп келебиз. Бул муниципалитеттин ишинин өзөктүк багыты болуп эсептелет!”.

Шаарды жана 27 айылды бириктирген Мездра муниципалитети өз жашоочуларына кызмат көрсөтүүлөрдүн узун тизмесин сунуштайт. Мездранын Социалдык кызмат көрсөтүүлөр дирекциясынын директору Елена НАНОВА сапардын катышуучуларына жарандар муниципалитеттен кандай жардам ала аларын көпкө сүрөттөп берди: “Мездрада Муниципалдык социалдык кызмат көрсөтүү борбору бар. Ал борборго жарандар ар түрдүү маселелер боюнча кайрыла алышат; Социалдык патронаж үйү бар – өзүнө кам көрө албагандар үчүн тамак берип, кызмат көрсөтөт; Карылар үйү бар, ал карыларды коомдон бөлүп койбостон, аларды социалдаштыруу максатын көздөйт; жакырлар үчүн социалдык ашкана бар; психикалык саламаттыгы жайында болбогон адамдар үчүн коргоого алынган турак жай бар; жүрүм-туруму начар жаштар үчүн өткөөл жай бар, бул жерде жаштар эмгек көндүмдөрүнө ээ болуу менен жаңы жашоо баштай алышат; жетимдер жана мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн үй-бүлөлүк типтеги борборлор иштейт; эмгек-терапиялык устакана бар, бул жерден социалдык жактан аярлуу жарандар тигүүчүлүккө, тамак жасоого, карапа ишке жана колдонмо искусствого үйрөнүшөт. Бул чоң чарбалык түрдүү булактардан каржыланат. Бирок негизинен мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланып келет. Ал эми эмгек-терапия устаканасын биз Жапония өкмөтү бөлгөн гранттын жардамы менен ачтык. Негизи эле биз дайыма каржылоонун жаңы формаларын, булактарын издеп турабыз. Статусуна жана мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан адамдар үчүн жашоонун татыктуу шарттарын түзүп берүү – биздин максатыбыз”.

## Төмөндөн жогору карай пландоо

Жогоруда айтылгандай, Болгарияда социалдык жардамды жана кызмат көрсөтүүнү пландоо төмөндөн жогору карай ишке ашат. Ал эми социалдык саясаттын пайдубалы муниципалдык стратегия болуп эсептелет. Анткен менен бул муниципалитеттер жалгыз гана социалдык өнүгүү стратегиясына ээ дегенди түшүндүрбөйт. Мисалы, Болгариядагы чоңдугу жагынан үчүнчү шаар – Велико Тырновонун Социалдык кызмат көрсөтүүлөр жана саламаттык дирекциясынын директору Росица ДИМИТРОВАнын айтымында, муници-



*Мездра муниципалитети жашоонун кыйынчылыктарына кабылган жаштар баш паанек кылуучу “коргонгон турак жай” деп аталуучу жерде мыкты шарттарды түзүп берди.*



палитет бир нече социалдык стратегияга ээ. Алар: балдардын укугун коргоо стратегиясы, азчылыктардын интеграциясы, психикалык саламаттык стратегиясы. Алар социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүнүн шаардык стратегиясы менен макулдашылган. Директор психикалык саламаттык стратегиясы Болгария үчүн уникалдуу тажрыйба болгонун белгиледи. Росица ДИМИТРОВА мамлекет учурда бул стратегияны мындан ары жайылтуу үчүн үлгү катары карап жатканын сыймыктануу менен айтып берди.

Негизи эле Болгарияда стратегиялык пландоо процесстери системалык негизге ээ – мына ушуну Кыргызстан өздөштүрсө ашыкча болмок эмес. Бардык деңгээлдерде стратегиялоо регионалдык өнүгүү тууралуу атайын мыйзамда ийне-жибине чейин сүрөттөлгөн. Ал мыйзамда эки глава пландоо процессин сүрөттөөгө арналган жана пландоо деңгээлдеринин жана документтердин өздөрүнүн өз ара мамилелерин жөнгө салат.

Айталы, мыйзамдын 3-главасынын 9-беренеси регионалдык өнүгүүнү стратегиялык пландоо документтер системасын сүрөттөйт. Ал өзүнө Өнүгүүнүн улуттук планын; Улуттук стратегиялык алкакты; Европа биримдигинен бөлүнгөн каражаттан биргелешип каржыланган ыкчам программаларды; өнүгүүнүн регионалдык пландарын; өнүгүүнүн регионалдык стратегияларын; өнүгүүнүн муниципалдык пландарын камтыйт. Болгарлар мыйзам чыгаруу деңгээлинде стратегияларды өнүгүү пландарынан бөлүп караганы жана чоң практикалык маанини дал ошол пландарга берери, ал эми стратегиялар чанда гана иштелип чыгары, аларга принциптер менен багыттарды гана киргизери көрүнүп турат. Болгарияда "План болгон жерде гана акча бар" деген макал бар.

Болгарияда пландоонун негизги принциби – түрдүү деңгээлдерде макулдашылган пландоо – катуу сакталат. Балким ошондон улам Кыргызстанда акыркы жылдары өтө эле байкалып жаткан мамлекеттик стратегияларды жана программаларды аткарууга байланышкан олуттуу көйгөй жокко эсе. Пландоо процессинин катышуучулары – башкаруунун бардык структуралары болуп эсептелет. Мисалы, тармактык министрликтер ар бир муниципалитет үчүн божомол даярдап берет, анын негизинде муниципалитеттер өзүнүн стратегиясын түзөт. Облустук стратегиялар мамлекеттин артыкчылыктарын эсепке алат жана муниципалдык менен байланышкан. Процесстин өзү бери дегенде эки жолу айланат – документти дагы бир жолу карап чыгуу жана процесстин бардык катышуучуларынын ой-пикирлерин эске алуу үчүн кайтарышат.

Мыйзамдын ошол эле 3-главасынын 13-беренеси өнүгүүнүн муниципалдык планынын структурасын сүрөттөйт. Ал төмөнкүдөй бөлүмдөрдөн турат:

- муниципалдык билим берүүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүү;
- белгилүү бир мезгилге муниципалитеттин өнүгүү максаттары жана артыкчылыктары;
- планды аткаруу үчүн зарыл болгон ресурстардын жыйынтыкталган финансы таблицасы;
- пландын аткарылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн көрсөткүчтөр;
- планга мониторинг, баалоо жүргүзүү жана жаңылоо үчүн зарыл болгон аракеттер;
- өнөктөштүк, коммуникациялар жана маалыматты жайылтуу принциптерин ишке ашыруу механизми;
- өнүгүүнүн муниципалдык планын ишке ашыруу боюнча программа, ага конкреттүү долбоорлор, тиешелүү финансы ресурстары жана долбоорлорду аткаруу үчүн жооптуу бөлүмчөлөр камтылат;
- планды алдын ала баалоо;
- климаттын өзгөрүүсүндөгү кесепеттерди жумшартуу жана орун алган өзгөрүүлөргө ыңгайлашуу боюнча чаралар.

Болгариянын пландоого карата прагматикалык мамилесине көңүл буруу зарыл. Анын жардамы менен финансы план да көңүл чордонунда турат. Бул мамиле өнүгүү пландарын үгүт жана демагогия катары эмес, чыныгы аспап катары колдонууга жол берет.

## Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо

Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана жардамды каржылоо мамлекеттин эсебинен да, жергиликтүү бюджеттин эсебинен да ишке ашат. Мамлекеттик бюджет жөнүндө жылдык мыйзам кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын санын белгилейт жана каржылоонун стандарттарына ылайык муниципалитеттер ала турган субсидиялардын көлөмүн аныктайт.

Ошону менен бирге бул жерде өзөктүк сөз – каржылоонун стандарты. Болгарияда социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнүн ийгилиги мына ошол стандарттарга негизделген. Муниципалитет конкреттүү кызмат көрсөтүү мамлекеттен кандай көлөмдөгү каражат аларын так билет, ошол каражатты толугу менен алат жана андан ары бул кызмат көрсөтүүнү кантип жакшырак уюштуруш кериктигин – өз күчү мененби же социалдык тапшырык аркылуу бейөкмөт уюмдардын жардамы мененби – муну өзү чечет.




Болгария республикасынын Муниципалитеттердин улуттук ассоциациясынын аткаруучу директору Гинка ЧАВДАРОВА социалдык жардамды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү уюштуруу жана каржылоо схемасын көрсөттү (диаграмманы караңыз). Бул диаграммадагы кара жана боз тик жебелер акча каражаттарынын кыймылынын багытын билдирет. Биринчи жебе (оңдон солду карай) мамлекет жергиликтүү бюджетке жалпы теңдөөчү субсидиянын багыттарын көрсөтүп турат. Анын көлөмү кызмат көрсөтүүнүн жана башка стандартташтырылган параметрлердин стандарттарынын базасында эсептелет (керектөө бирдигине же алуучуга). Кийинки эки жебе (оңдон солду карай) муниципалитет берилген тапшырмаларды аткарууну кошо каржылай аларын көрсөтөт. Мисалы, орто мектептер мамлекет тарабынан 80% көлөмүндө гана каржыланат. Калган 20% өз каражаттарынын эсебинен муниципалитет кошо каржылайт. Анткен менен кырдаал муниципалитетке, анын киреше дараметине жараша өзгөрүп турат.

## Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн физикалык инфраструктурасы

Кыргызстанда муниципалдык социалдык тапшырык механизмин пилоттук жайылтуу процессинде Өнүктүрүү саясат институту жана пилоттук муниципалитеттер чоң көйгөйгө туш болду – муниципалитеттерде социалдык кызмат көрсөтүү үчүн физикалык инфраструктуралар жокко эмес экен. Ушундай эле көйгөй Болгарияда да жакынкы мезгилге чейин актуалдуу болуп келген – айылдарда жана шаарларда заманбап социалдык кызмат көрсөтүү үчүн имараттар жок болчу, бардык нерсе чуулгандуу интернатка келип такалган. Анткен менен болгар мамлекети социалдык чөйрө үчүн инфраструктураны түзүү ишин жарым-жартылай каржылап берген.

Мисалы, "Кооз Болгария" программасынын алкагында социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө арналган инфраструктуралардын объекттерин түзүү боюнча муниципалдык долбоорлорду ишке ашырууга сынак өткөрүлгөн. Муниципалитеттер – гранттарды алуучулар курулуш аяктаган соң кызмат көрсөтүү улана берерин, анын туруктуулугун камсыздай турганын далилдеп бериш керек болчу. "Кооз Болгария" программасынын жардамы менен көптөгөн муниципалитеттер социалдык кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыздай алышты. Анткен менен Болгарияга бул маселеде олуттуу жардамды Европа биримдиги көрсөткөнүн жана көрсөтүп келатканын унутпаш керек.

***Болгарияда социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо системасы***





# Социалдык тапшырык – ЖӨБ менен БӨУнун жамааттык иши

Болгарияда социалдык тапшырык өтө кеңири жайылган. Эмгек жана социалдык саясат министринин орун басары Лазара ЛАЗАРОВАнын маалыматы боюнча, өлкөдө 2014-жылы ишке ашырылган 1100 социалдык кызмат көрсөтүүнүн 211и, же 19 пайызы социалдык тапшырык механизми аркылуу бейөкмөт уюмдардын күчү менен аткарылган.

Анткен менен өлкөдө бул механизм бир калыпта колдонулбайт. Мыйзам ченемдүүлүк көрүнүп турат – муниципалитет канчалык ири болсо, ал кызмат көрсөтүүнү аутсорсингге берүүгө ошончолук ыктап турат. Албетте буга объективдүү себептер да бар. Чоң муниципалитеттерде аярлуу топтордун топтолуусу да жогору жана социалдык кызматтардын жарандык коом менен бөлүшүүгө умтулган иштери да көп. Өз кезегинде жарандык коом да көбүрөөк өнүккөн, ири муниципалитеттерде бейөкмөт уюмдардын арасында атаандаштык да, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты да жогору, инновацияларга жана мыкты практикага жеткиликтүүлүк жеңил. Ошондуктан социалдык тапшырыкты өнүктүрүүдө лидерлердин бири өлкөнүн борбор калаасы София эсептелери да таң калычтуу эмес.

София муниципалитетинде бейөкмөт уюмдар социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн дээрлик жарымын ишке ашырат – 30 кызмат көрсөтүүнү муниципалитет өзү ишке ашырат, 29у – БӨУга өткөрүлүп берилген (Евробиримдиктин ыкчам долбоорлорунун эсебинен каржыланган социалдык долбоорлорду жана кызмат көрсөтүүлөрдү кошпогондо). 2-таблицада БӨУга берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн толук эмес тизмеси келтирилген. Мындан тышкары социалдык тапшырыкты аткаруучулардын аталыштары да көрсөтүлгөн.

Өзүңүз көрүп тургандай, айрым уюмдар бирден ашык долбоорду ишке ашыра алат. Ал эми көпчүлүк кызмат көрсөтүүлөр ачык борборлор – жашай турган, күндүз кала турган, өнүктүрүү үчүн, реабилитациялоо ж.б. түрүндө ачылган. Албетте кызмат көрсөтүүлөрдүн мындай формасы жакшы физикалык инфраструктураны, туруктуу кызматкерлерди, жашоону камсыздоо үчүн олуттуу чыгашаларды талап кылат. Ушул борборлордун ар бири туруктуу болуп, аларга муктаждардын кезеги суюлмайынча кызмат көрсөтүүгө жөндөмдүү болуш керек. Ошондуктан Болгариянын социалдык



***2-таблица. София муниципалитети БӨУнун башкаруусуна өткөрүп берген айрым кызмат көрсөтүүлөр***

| Кызмат көрсөтүү | Кызмат көрсөтүүгө социалдык тапшырыктын аткаруучусу |
|---|---|
| “Санкт-Марина” Акыл жөндөмү чектелүү адамдар үчүн күндүзгү борбор | “Маалымат жана консультациялар” коомдук бирикмеси |
| “Апта сайын камкордук” Акыл жөндөмү чектелүү адамдар үчүн күндүзгү борбор | “Маалымат жана консультациялар” коомдук бирикмеси |
| Балдар жана үй-бүлөлөр үчүн комплекстүү социалдык кызмат көрсөтүү | “Анимус ассоциациясы” коомдук фонду (“Эне жана бала” бөлүмү) |
| Зордук-зомбулуктан жабыркаган балдар үчүн кризистик борбор | “Балдар жана өспүрүмдөр” коомдук бирикмеси |
| Кароосуз калган балдар үчүн борбор | “Балдар жана өспүрүмдөр” коомдук бирикмеси |
| Социалдык колдоо борбору | ИСДП коомдук бирикмеси |
| Психикалык оорулуу адамдар үчүн күндүзгү борбор | “Психиатриядагы глобалдык демилге” коомдук фонду |
| Акыл жөндөмү чектелүү адамдар үчүн коргоого алынган турак-үй | “Психиатриядагы глобалдык демилге” коомдук фонду |
| Интеллектуалдык мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн үй-бүлөлүк типтеги борбор | “Балдар жана мейкиндик” коомдук бирикмеси |
| “Ыйык София” социалдык колдоо борбору | “Балдарыбыз үчүн” коомдук фонду |
| “Күнкарама” мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн күндүзгү борбор (апта сайын камкордук) | “МСС – Болгария” коомдук фонду |
| Мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн үй-бүлөлүк типтеги борбор | “Балдар жана мейкиндик” коомдук бирикмеси |
| “Ыйык Екатерина” үй-бүлөлүк типтеги борбор | “Наристелер үчүн үмүт” коомдук фонду |
| Интеграция жана социалдык реабилитация борбору | “Психологиялык изилдөөлөр борбору” коомдук фонду |
| Көрүүсү начар адамдардын социалдык реабилитация жана интеграция борбору | Болгариянын Азиздер бирикмеси |
| Балдар жана үй-бүлөлөр үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн комплекси | “Анимус ассоциациясы” коомдук фонду |
| “Ыйык Петка” кризистик борбору | “Анимус ассоциациясы” коомдук фонду |

Булак: София муниципалитетинин Социалдык иш дирекциясынын интернет-сайты, http://dsd.sofia.bg

тапшырык системасында Кыргызстанга салыштырмалуу маанилүү, институционалдык айырмачылык бар – бейөкмөт уюм менен кызмат көрсөтүүгө келишимдер Кыргыз Республикасындагыдай (жана КР Социалдык өнүгүү министрлигинин да, кыргызстандык муниципалитеттердин да практикасында болуп жүргөндөй) бир жылга эмес, үч жылга түзүлөт. Ошону менен бирге социалдык тапшырыкты аткарган уюмдун өз имараты да болушу мүмкүн, болбошу да мүмкүн. Эгерде имараты болбосо, анда аны муниципалитет берет, же уюм ижарага алат.

Социалдык тапшырыктын суммасы конкреттүү кызмат көрсөтүүнүн каржылоонун стандарттарына ылайык аныкталат. Муниципалитет тарабынан социалдык тапшырыкты каржылоо системасы дегенде ал үчүн алдын ала төлөм анын баасынан болгону 10 пайызды түзүп калышы мүмкүн. Кыргызстандан барган делегацияда “мындай шарттарда тапшырыктын суммасынан калган 90 пайызды каржылоо үчүн өз каражаты жетишсиз болгон жаш бейөкмөт уюм тапшырык алалабы?” деген суроо пайда болду.

София муниципалитетинин Социалдык иш дирекциясынын башкы инспектору Илиана СЕЛЕКТЕР жашына жана өз каражатына карабастан тапшырыкты каалаган уюм көтөрө аларын айтты: “Бейөкмөт уюмда ири көлөмдө өз каражаты болушу шарт эмес. Себеби тапшырыктын аткарылышы жана кызмат көрсөткөнү тууралуу отчетту, анын ичинде анын финансылык бөлүгүн биз ай сайын талап кылабыз. Мындан улам каржылоо, транштарды төлөө да айлык графикке ээ. Мындай графиктин жардамы менен бир жагынан биз ишти үзгүлтүккө учуратып алууну алдын алабыз жана көрсөтүлгөн кызматтарды көзөмөлдөйбүз. Экинчи жагынан бул бейөкмөт уюмга чоң финансылык оорчулукту алып келбейт”.

Конокторду кызыктырган социалдык тапшырыкты уюштуруунун экинчи өңүтү сынакты уюштуруу жана өткөрүү жол-жоболоруна, сынактык комиссиянын ишине байланыштуу болду. София муниципалитетинин Социалдык иш дирекциясынын директору Минка ВЛАДИМИРОВА сынак мэриянын нормативдик документтеринде жана мыйзамдарда жазылган жол-жоболорго ылайык өткөрүлөрүн айтты. Мэр сы-




накты өткөрүү тууралуу буйрукка кол коет. Ага ошол замат болочок социалдык тапшырыктын техникалык милдети камтылат (Велико Тырново шаарында бул буйрук жети барактан турат). Ошондой эле сынактык комиссиянын курамы бекитилет. Ага адатта төмөнкүлөр кирет: Социалдык иш дирекциясынын өкүлдөрү, көз карандысыз эксперттер; Социалдык жардам агенттигинин аймактык бөлүмчөсүнүн өкүлдөрү; шаардык кеңештин депутаттары – социалдык жардам жана саламаттык боюнча туруктуу комиссиянын мүчөлөрү; ошондой эле мэрдин социалдык маселелер боюнча орун басары.

Муниципалитет көбүрөөк көңүлдү кызмат көрсөтүүнүн мониторингине бурат. Ай сайын тапшырылып турчу финансылык жана программалык отчеттордон тышкары арыздар боюнча пландуу жана чукул текшерүүлөр механизми да иштейт. Болгондо да бейөкмөт уюмдарды муниципалитеттин өкүлдөрү гана эмес, ошону менен катар тиешелүү мамлекеттик органдардын да кызматкерлери текшерет. Анткен менен субъективдүүлүктөн, жүйөсүз административдик кысымдар оолак болуу максатында бардык текшерүүлөр мамлекет бекиткен стандарттарга ылайык иш жүзүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү салыштыруу жолу менен жүзөгө ашырылат.

Регламенттердин жана стандарттардын жардамы менен катуу көзөмөл жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана бейөкмөт уюмдарга өнөктөш болууга тоскоолдук жаратпайт. Минка ВЛАДИМИРОВА БӨУ менен өнөктөштүктүн баалулугун өзгөчө баса белгиледи: “Биз бейөкмөт уюмдарда чоң жаратмандык күчтү, ресурсту көрүп турабыз. Аларды туура колдонуу менен турмуш шартын бир топ жакшыртууга болот. Ошону менен бирге биз аларды муниципалдык социалдык саясатты түзүүгө тартып жатабыз жана муну жөн гана маалымат алмашуу деңгээлинде эмес, координациялык органдарды түзүү жолу менен ишке ашыруудабыз. Мисалы, мэрияга караштуу социалдык саясат маселелери боюнча координациялык коомдук кеңеш иштейт жана ал чечим кабыл алуу процессине чоң таасирин тийгизе алат. Ошондой эле бизде оор турмуштук кырдаалда калган үй-бүлөлөргө жардам берүү маселелери боюнча координациялык кеңеш да бар. Бул кеңештердин алкагында биз жарандык коом менен биргеликте жашоочулардын бакубат турмушу үчүн Софиянын муниципалдык социалдык саясатын түзүп, ишке ашырып келатабыз”.

## БӨУнун үнү: “Биз социалдык жоопкерчиликти алдык жана отчет берүүгө даярбыз”

Болгариядагы балдар үчүн уюмдардын улуттук түйүнүнүн жетекчилеринин бири Георгий БОГДАНОВ социалдык тапшырыктын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жарандык коомдун кызматташтыгынан майнап чыгышы үчүн үч негизги шарт бар болгонун айтат. Биринчиден, тараптардын жалпы максаты болуп, бири-бири тууралуу жакшы маалыматка ээ болуш керек. Башкача айтканда, алар бирин бири жакшы таанып, түшүнө билиши

шарт. Экинчиден, тараптар ортосунда ишенимге негизделген мамилелер түзүлүш керек. Бул болсо жеке жактыруудан пайда болбостон, биргелешкен ишке, биргелешкен долбоорлорго негизделет. Үчүнчүдөн, эки тарап тең сактай турган конкреттүү жана деталдуу жол-жоболор – өз ара жоопкерчилик жана отчеттуулук болууга тийиш. Бүгүнкү күндө Болгарияда мындай шарттар түзүлгөн. Анткен менен бул бир заматта болуп калган жок. Процесс өтө узакка созулуп, татаал жолду басып өттү: "Бытыранды, чабал жана жоопкерчиликсиз БӨУ өкмөттүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тең укуктуу өнөктөшү боло албайт. Өнөктөштүк жана секторлор аралык өз ара аракет бейөкмөт уюмдардан үч негизги багыт боюнча тынбай иш алып барууну талап кылат. Алар: кесипкөйлүктү жогорулатуу, экспертизаны тереңдетүү жана инновацияларды түзүү; финансылык да, программалык да ишмердик жаатында катаал отчеттуулук; уюмду жана долбоорлорду сапаттуу башкаруу. Болгариядагы бейөкмөт уюмдар ушул жол менен баратышат, бирок бул жеңил эмес. Мындан тышкары жарандык коом чоң балыктын кыр аркасы сымал структурага, тик байланыштарга, түйүндөргө ээ болуш керек. Эгерде мындай болбосо, анда ушунун баарына ээ болгон мындан да чоң балык – мамлекет бери дегенде айрым бейөкмөт уюмдарды назарга албайт, же андан да жаманы – "эки чайнап, бир жутуп коет".

Георгий БОГДАНОВдун сөздөрү кыргызстандык жарандык коомдун өкүлдөрү үчүн, болгондо да бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын коомунда байкалып жаткандай, өлкөнүн өнүгүүсүндө БӨУнун ролун чукул кайра карап чыгуу шарттарында өзгөчө актуалдуу жаңырды. Чет өлкөлүк тыңчылар тууралуу мыйзам долбооруна каршы күрөшкө киришип жатып, кыргызстандык БӨУлар жарандык коомдун ролун формулировкалоого аракет жасай баштышты. Бирок сектордун ичиндеги көптөгөн системалык көйгөйлөргө туш болушту. Бул көйгөйлөр ушул ролду адекваттуу жана ынандырчудай түшүндүрүп берүүгө бут тосууда. Биринчиден, сектор структуралаштырылган эмес, ал эми коом менен мамлекет БӨУ эмне болгонун, эмне менен алектенерин көп жакшы түшүнө албай турат. Өлкөдө бейөкмөт уюмдардын коомдук финансылык жана финансылык эмес отчет тапшыруу практикасы болгон эмес. Бул болсо бейөкмөт уюмдардын кошкон салымы жана мамилеси тууралуу маалымат бербейт. Коом да, мамлекет да топтомдолгон маалыматтын жана адекваттуу статистиканын жоктугунан улам коммерциялык эмес сектордун социалдык таасирин баалай албай жатат. Бул жерде Болгариянын практикасын изилдеп көрүү туура болмок. Болгарияда БӨУнун социалдык таасирин баалоонун улуттук концепциясы бар, ал эми мамлекеттин жана коомдун акчасына иштеген бардык уюмдар жыл сайын коомго финансылык (1 миллион левден ашык – болжол менен жарым миллион евронун тегерегинде акча жүгүртүлгөндө) жана финансылык эмес отчет тапшырып туруу талабын аткарып келишет.



Болгарияда социалдык тапшырык механизмин колдогон жарандык коомдун "кыр аркасы" деп Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр ассоциациясын атаса болот. Ал социалдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө өкмөт менен жарандык коомдун ортосунда диалог жүргүзүүгө жардам берип келет.

### Инновациялар БӨУ ишинин өнүмү катары

Болгариядагы БӨУнун иши менен таанышуу бул өлкөдөгү секторлор аралык өз ара аракеттин жана социалдык тапшырыктын эффективдүүлүгүн жана популярдуулугун түшүндүргөн маанилүү мыйзам ченемдүүлүктү аныктоого жол берди. Бул – социалдык чөйрөдө жарандык коом уюмдарынын ишинде инновациялык мүнөз. Дал ошол инновация Болгариянын башкаруу органдарына БӨУ менен кызматташуунун кошумча баалуулугун көрсөтүп турат. Бирок бул үчүн БӨУ дайыма изденип келет. Бир-эки мисал келтирели. Болгариянын Жергиликтүү жамааттардагы социалдык кызмат көрсөтүүлөр институтунун директору Стени ПЕТКОВА ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдары бар үй-бүлөлөрдү инновациялык жактан колдоону жайылтуу тажрыйбасы менен бөлүштү. Долбоор үч муниципалитетте – Софияда, Айтесте, Бяла Слатинада ишке ашырылган. Бул муниципалитеттер кийин муниципалдык деңгээлде бул кызмат көрсөтүүнү бекитип алышкан. Кызмат көрсөтүүнүн маңызы мында: мобилдүү жардам тобу түзүлөт, анын курамына социалдык кызматкер, логопед, психолог, дарыгер жана реабилитациялоо боюнча адис кирет. Бул мобилдүү топтор туруктуу негизде максаттуу топторго кирген үй-бүлөлөргө барып турат жана ошол эле учурда ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар менен гана эмес, ошол үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү менен да иш алып барышат. Стени ПЕТКОВАнын баласы да ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү жана анын ырасташынча, мындай кызмат көрсөтүү






долбоор тең социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн комплекстүүлүгүн камтыган жалпы инновациялык мамилени бириктирет. Ар бир жардамга муктаж адам үчүн социалдык жардам жана кызмат көрсөтүү бир булактан болушу маанилүү. Ошондуктан бир кызмат көрсөтүүдө түрдүү багыттагы адистердин бириктирилиши аны колдонгондор үчүн өтө пайдалуу. Ошону менен бирге мындай комплекстүү кызмат көрсөтүүнүн мамлекеттик же муниципалдык мекеменин базасында мүмкүн болсо да бейөкмөт уюмдун базасына караганда көбүрөөк аракетти, убакытты жана акчаны талап кылары түшүнүктүү.

жогорку эффективдүүлүккө ээ болду – көпчүлүк үй-бүлөлөрдө баланын саламаттыгына же абалына гана эмес, үй-бүлө ичиндеги өз ара байланышты бекемдөөгө да, моралдык климатты жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн психологиялык абалын жакшыртууга да оң таасирин тийгизди. Мындан тышкары үй-бүлөлөр арасында байланыш бекемделип, ал бара-бара туруктуу мүнөзгө айланды.

Дагы бир мисал – Telecare же телефон аркылуу камкордук – бул жалгыз бой кары адамдар менен күнү-түнү байланышты кармап турган кызмат көрсөтүү. Кары адамда мобилдик же шаардык телефонго туташтырылган атайын түзүлүш болот. Аны бир жолу басары менен ар түрдүү суроолор боюнча – ал-акыбалын айткандан баштап, чукул кырдаалда эмне кылуу керектигин сурап, операторго байланыша алат. Өз кезегинде оператор жалгыз бой карыга тиешелүү адисти же атайын бригаданы жиберет. Мындан тышкары түзүлүш сынбай тургандай жасалган, бул болсо карылар жыгылып кетсе, жардамсыз калуусун болтурбайт. Келечекте мындай түзүлүштөрдү өрткө, же ууруларга каршы даярдап чыгаруу пландалууда.

Социалдык тапшырыктын алкагында ишке ашырылган бул эки

Мамлекеттин "Үй-бүлөлөрдү мобилдик социалдык колдоо" жана "Телефон аркылуу камкордук" кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алганы көңүлдү бурат. Эми Болгарияда аларга ИСО 9001:2008 деген мамлекеттик стандарт бар. Мына ушинтип реалдуу жыйынтыктар жана өнүмдөр менен секторлор аралык өз ара аракет – БӨУ менен мамлекеттин өнөктөштүгү Болгарияда тамыр жайууда. Кыргызстанга да бул тажрыйбаны колдонууга эч нерсе тоскоол болбогон шекилдүү. M





# Долбоордун кыйынчылыктары: коммуникациялар, БӨУ консорциумдары, инфраструктура

Алтынай БУЗУРМАНКУЛОВА

*2013-2014-жылдары Кыргыз Республикасынын 11 муниципалитети социалдык тапшырык механизми аркылуу социалдык долбоорлорду ишке ашырууга киришкен. Артыкчылыктуу керектөөлөр кантип аныкталып, техникалык тапшырмалар кантип түзүлгөнү жана БӨУ-аткаруучулар арасында сынактар кантип өткөрүлгөнү тууралуу маалыматты "Муниципалитет" журналынын 2014-жылдагы №4 жана №8 атайын чыгарылыштарынан таба аласыз (www.municipalitet.kg). 2015-жылдын жазында 11 муниципалитеттин баары катаал сынактык тандоодон өткөн бейөкмөт уюмдар менен муниципалдык социалдык тапшырыкты аткаруу тууралуу келишим түзүп калышты. Долбоор аткаруу фазасына кирди.*

*Бардык долбоорлор муниципалдык социалдык тапшырык механизми аркылуу жергиликтүү бюджеттен каржыланат. Бул Кыргыз Республикасынын муниципалитеттеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы социалдык кызмат көрсөтүү боюнча долбоорду бейөкмөт уюмга тапшырган алгачкы мисалдардын бири. 11 пилоттук муниципалитет жарандык коом уюмдары менен кызматташтык аркылуу социалдык көйгөйлөрдү чечсе болорун жана чечиш керектигин көрсөтүүдө. Жергиликтүү бюджеттерге финансылык колдоону Өнүктүрүү саясат институту аркылуу Германия эл аралык кызматташтык коомунун (GIZ) "Жарандык коомду колдоо фонду" долбоору көрсөтүп жатат.*

*Эми 2015-жылдын апрелинде долбоорлорду аткарууда кандай жылыштар байкалганы, ошондой эле социалдык кызмат көрсөтүүнүн жаңы механизмин жайылтуу процессинде жана секторлор аралык өз ара аракетте муниципалитеттер менен БӨУ-аткаруучулар кандай кыйынчылыктарга дуушар болгону тууралуу кыска маалымат берели.*

Кыргыз Республикасында муниципалдык деңгээлде мамлекеттик социалдык тапшырыкты ишке ашыруу практикасы буга чейин болгон эмес. Бардык ченемдик база мамлекеттик социалдык тапшырыкка гана эсептелген, ал эми тапшырыкчы катары Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлиги гана чыкчу. Ушундан улам механизмди муниципалдык деңгээлде жайылтууда тапшырыкчы катары жергиликтүү өз алдынча баш-

каруу органы, ал эми аткаруучу катары бейөкмөт уюмдар чоң кыйынчылыктарга туш болуп, татаал суроолор, чечилбеген ченемдик жана техникалык көйгөйлөр пайда болгону таң калтырбайт.

"МСТ боюнча GIZ/Fonds Долбоорунун" алкагында ӨСИ күчүнүн жетишинче жана мүмкүнчүлүгү болушунча муниципалитеттерге консультациялык жардам көрсөтүп, документтердин форматын иштеп чыгып, ченемдик кенемтени толуктап, суроолорго жооп берип, отчеттуулукту даярдоодо жардам көрсөтүп келатат. Муниципалитеттер мындай кырдаалда өтө кыйналууда жана тобокелчиликке барып жатышат. Анткени практика болбогондуктан жаңылып калуу ыктымалдуулугу да жогору. Бул тобокелчиликтерди азайтууга аракет жасап, ошондой эле процесстин болочок катышуучуларына жардам көрсөтүү максатында ӨСИ адистери кыйынчылыктарды жана көп узатылган суроолорду жалпылаштырды.

### Коммуникациялык көйгөйлөр

Жаңы механизмди жайылтууда кыйынчылыктар дээрлик ар бир кадам сайын пайда болууда. Мисалы, социалдык тапшырык тууралуу жарыяны жайгаштырууну жана маалымат өнөктүгүн алалы. Ошол замат көптөгөн суроолорго жооп берүүгө туура келди. Сынакка катышып жаткан бейөкмөт уюмдарга кандай талаптар коюлуш керек? Социалдык тапшырыктын аталышын (темасын) кантип туура түзүп, максатын канткенде так көрсөтүүгө болот? Документтердин толук пакетин даярдоо үчүн сынактын катышуучуларына канча убакыт берсе туура болот? Бул суроолордун айрымдары "Социалдык тапшырык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде чечилди, башкалары болсо кырдаалга жараша жана терең ойлонулуп чечилип турду.

Соңку текстти түзгөндөн кийин жарыянын өзүн жайгаштырууда кыйынчылык жаралды. Бул эмнеге байланыштуу болду? Көпчүлүк муниципалитеттер алыскы тоолуу райондордо жайгашкан, ал жакка облустук жана республикалык журналисттер өтө кыйынчылык менен жете алышат. Жол эле бир нече саатты алып коет жана бир топ каражат да кетет. Албетте интернет аркылуу жарыяны жиберүү жакшы болмок. Бирок жарыя түзүүнүн чоо-жайын, анын масштабын дайыма эле телефондук байланышты жана электрондук каттарды колдонуп түшүндүрүп берүү мүмкүн эмес.

Жарыяларды кеңири таратуу жана жарандык коом уюмдарына кошумча маалымат берүү борбордук жана аймактык БӨУларды маалымдоого жол ачканы менен, сынакка табыштамалар көп деле түшкөн жок. Мыйзамда көрсөтүлгөн жол-жоболорго ылайык, сынакка катышууну каалаган бардык бейөкмөт уюмдар облус борборунан жүздөгөн километр алыстыкта жайгашкан муниципалитетке жеке өздөрү барып, журналда катталып, ошондон кийин гана табыштаманын формасын алыш керек болчу. Ошондуктан шаарларда, мындан тышкары облус борборлоруна жакын жайгашкан аймактарда сынакка катышууну каалагандар жетиштүү болду. Ал эми алыскы аймактардан сунуштар аз түштү. Ошону менен бирге сынакка катышууну каалаган БӨУ муниципалитетке эки жолу барууга туура келди – биринчи жолу документ алып, кырдаал менен жеринде таанышуу үчүн, экинчи жолу табыштаманы берүү үчүн. Бул маселени электрондук кол тамганы киргизүү ыкмасы чече алат. Анын жардамы менен БӨУ документтерди алыста туруп деле алып, өткөрө алмак.

### Сынактык комиссияга катышуу – бул абройлуу, ошону менен бирге кыйын

Он бир пилоттук муниципалитеттин ичинен биринчи аракеттен эле сынак жетөөндө гана өттү. Калган төртөө сынакты экинчи жолу жарыялоого мажбур болду.

Айрым муниципалитеттерде сынактын өтпөй калуусуна 1 гана долбоордук сунуш түшкөнү себеп болсо, айрымдарында табыштама толук эмес болгон. Мазмуну, сапаты жана документтердин пакетинин толуктугу жагынан көптөгөн табыштамалар талаптарга туура келген жок. Көп учурда документтер нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн эмес, Социалдык фонддон, салык кызматынан маалымат каттар алынбай калган, катышуучулар мамлекеттик каттоо тууралуу күбөлүктү кошпой койгон. Бирок комиссиянын отурумун өткөрүүдө кыйынчылыктар документтерди туура түзүү жана тапшыруу менен гана чектелген жок.

Алгачкы отурумдун жүрүшүндө сынактык комиссиянын дарамети жетишсиз экени белгилүү болду. Комиссиянын көпчүлүк мүчөлөрү табыштамаларды кантип баалап, баалоодо кайсы пункттар өзгөчө маанилүү роль ойной турганын түшүнө албай турушту. Комиссиянын курамына айыл өкмөтүнүн адистери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана социалдык багыттар боюнча профилдик уюмдардын кызматкерлери киргенине карабастан сапаттуу баалоо жүргүзүү үчүн даярдыктын жалпы деңгээли, иш тажрыйбасы жана көндүмдөрү комиссиянын ар бир мүчөсүндө ар кандай болду. Айрымдарына критерийлердин маанисин түшүнүү жана мындан улам алардын олуттуулугун баалоонун жалпы үлүшүндө көрө билүү кыйынга турду.

Мындан тышкары комиссиянын мүчөлөрү социалдык тапшырыктын маңызын толук түшүнгөн жок жана сынактык табыштаманы баалоодо адатта негизги көңүлдү окутууга, иш-чарага жана социалдык тапшырыктын алкагында кызмат көрсөтүүнүн өзүнө эмес, ремонттук-курулуш иштерине буруп жатышты.

### Социалдык бейөкмөт уюмдар, кайдасыңар?

БӨУнун өздөрүнө жана алардын социалдык тапшырыкты ишке ашыруу дараметине токтоло турган болсок, бул көпчүлүк пилоттук уюмдар үчүн дагы бир көйгөй болду. Муниципалитеттердин өздөрүндө



жергиликтүү расмий катталган жарандык коом уюмдары өтө аз болгонун эсепке алганда, социалдык тапшырыкты ишке ашыруу үчүн тиешелүү тажрыйбасы, жөндөмдүүлүгү жана мүмкүнчүлүгү бар БӨУну табуу бир кыйла оор болду.

Аймактарда БӨУ бар. Иш тажрыйбасына ээ БӨУлар да бар. Бирок алардын арасында социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган, анын ичинде мектепке чейинки курактагы балдарды кошумча билим берүү менен камсыздаган, мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар, карылар, аз камсыздалган үй-бүлөлөр менен иш алып барган долбоорлорду ишке ашыруу тажрыйбасына ээ уюмдар дээрлик жок болду.

Анткен менен экинчи жолу жарыя бергенден кийин сынак калган төрт муниципалитетте да өттү. Комиссиянын мүчөлөрү талаптарга көбүрөөк жооп берген, тагыраак айтканда зарыл болгон практикалык тажрыйбасы, алардын ишмердигин тастыктаган документтери, ошондой эле мамлекеттик органдар алдында карызы болбогонун ырастаган маалымат каттары бар табыштамаларды тандап алды.

Борбордук адистешкен БӨУ, тематикалык түйүндөр жана анчалык терең адистешпеген чакан жергиликтүү уюмдар ортосунда консорциумдар аймактарда социалдык БӨУнун жетишсиздигин жеңүүнүн жолу болуп эсептелет. "МСТ боюнча GIZ/Fonds Долбоорунун" аткаруучулары ири улуттук БӨУдан көптү күткөн. Бирок бул үмүттөр акталган жок – андай уюмдар алыскы айылдарга барбай коюшту.

Анткен менен консорциумдун эки мисалын долбоор таба алды – Тогуз-Торо районунда белгилүү оштук БӨУ – "Ар бир бала үй-бүлө" коомдук фонду жергиликтүү БӨУлар – "Үмүттүү наристе" жана "ТТ Алакан" менен консорциумга бирикти. Бул долбоорду ишке ашырууда өнөктөштөрдүн милдеттенмелери так аныкталды. "ТТ Алакан" коомдук уюму Каргалык айылдык аймагы менен биргеликте реабилитациялык борборду түзүү боюнча иш алып барса, "Үмүттүү наристе" коомдук уюму ата-энелерди мобилдештирүү, алардын активдешүүсүн күчтөндүрүү, калкты долбоордун ишмердиги тууралуу маалымдоо боюнча иштерди жүргүзөт. "Ар бир балага үй-бүлө" коомдук фондунун милдетине борборду жабдуу, кызматкерлерди, ата-энелерди, жергиликтүү БӨУнун кызматкерлерин жана ЖӨБ өкүлдөрүн түзүлгөн борбордун туруктуулугун камсыздоого үйрөтүү кирет. Бул кызматташтыктын натыйжасында жергиликтүү БӨУнун дарамети өсөт деген үмүт чоң. Экинчи мисал катары Талас облусундагы Өмүралиев ААны айтсак болот. Бул жерде өлкөдө белгилүү облус борборунда орун алган "Айкөл" БӨУ долбоорду жергиликтүү Жаштар кеңеши менен консорциумда аткарып жатат.

Долбоордо "варяг" катары "Жаштарды өнүктүрүү институту" коомдук бирикмеси чыгууда. Бул – Бишкекте жайгашкан, бирок Таш-Көмүр шаарында өткөн сынакта жеңип алган жаштардын ири бейөкмөт уюму. Муну оң тажрыйба катары караса болот. Анткени долбоордун жыйынтыгы боюнча шаарда жаштардын жигердүүлүгү өсүп, ал эми долбоордун алкагында түзүлгөн маалымат борбору жергиликтүү жаштардын бейөкмөт уюмунун пайда болуусу үчүн аянтча болуп бериши мүмкүн.

## Социалдык инфраструктура – мамлекеттин милдети

Жеңүүчү БӨУну тандоо жана андан кийин сынактын жыйынтыктарын жарыялоо бул татаал жолдо баскычтардын бири гана болду. Эми буйрутмачылар менен аткаруучулар долбоорду такташып, толуктап, долбоорду ишке ашыруу, анын андан кийинки туруктуулугун камсыздоо боюнча пландарга түзөтүүлөрдү киргизиш керек эле. Социалдык тапшырыктын аткаруучулары техникалык эксперттер менен биргеликте ремонттук-курулуш иштерине кетчү чыгымдар канчалык реалдуу чагылдырылганын аныктоого тийиш болчу.

2015-жылдын январында социалдык тапшырыкты ишке ашыруу процесси башталды. Анын биринчи бөлүгү ремонттук-курулуш иштери болду. Негизи эле ремонт жана курулуш социалдык тапшырыктын бөлүгү болбош керек эле. Ага кеткен каражат социалдык кызмат көрсөтүүгө арналган. Бирок бардык муниципалитеттер жана БӨУ-аткаруучулар чоң көйгөйгө туш болду – жамааттарда социалдык кызмат көрсөтүү үчүн зарыл болгон инфраструктура жок болуп чыкты. Бул көйгөйдүн тамыры терең. Советтер союзу маалында көптөгөн социалдык жактан аярлуу жарандар көбүнчө жабык типтеги атайын мекемелерден гана кызмат көрсөтүүнү алчу. Мисалы, мүмкүнчүлүгү чектелүү балдарды республиканын булуң-бурчунан бир нече интернаттарга алып келишчү. Мындан улам өлкөнүн көпчүлүк аймактарында мындай түрдөгү кызмат көрсөтүү үчүн арналган имараттар дээрлик жок болгон. Алар Кыргызстан эгемендик алгандан кийин деле курулган жок. Ошондуктан имараттын жоктугу социалдык кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү өзөктүү көйгөйлөрдүн бирине айланды. Бул маселени чечүү менен мамлекет алектениш керек. Себеби муниципалитеттер да, жергиликтүү бюджет да мындай көлөмдөгү капиталдык салымды көтөрүп кетүүгө азырынча даяр эмес.

# Муниципалдык социалдык тапшырыктын буйрутмачыларын жана аткаруучуларын окутуу

Мээрим СЕЙИТОВА

"МСТ боюнча GIZ/Fonds долбоорунун" алкагында 2015-жылдын февралында социалдык тапшырыкты аткарып жаткан 11 муниципалитеттин жана БӨУнун өкүлдөрү үчүн "Финансылык отчеттуулук" жана "Мониторинг жана туруктуу өнүгүү" темалары боюнча тренингдер уюштурулду. Ар бир муниципалитеттен бештен жана БӨУ-аткаруучудан экиден өкүл катышты.

Тренингдер катышуучуларды финансылык отчет берүүнүн эрежелери жана жол-жоболору, мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн эрежелери менен тааныштырууга багытталган.

Тренингдин катышуучулары катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атынан "МСТ боюнча GIZ/Fonds Долбоору" менен иш алып барган координаторлор, демилгелүү топтордун мүчөлөрү, айылдык жана шаардык кеңештердин депутаттары, ошондой эле финансы-экономикалык бөлүмдөрдүн жетекчилери чакырылган. Социалдык тапшырыкты аткаруучулар тараптан долбоордун жетекчилери жана бухгалтерлери катышты. Тренингдерди өткөрүү методикасы интерактив принциптерине, анын ичинде топтордо иштөөгө жана "СУРОО жана ЖООП" (СжЖ) сессиясына негизделген. СжЖ сессиялары бардык катышуучуларга социалдык тапшырыкты жайгаштыруу, ишке ашыруу маселелери боюнча да, ЖӨБ органдарынын ишиндеги башка маселелер боюнча да квалификациялуу юридикалык консультацияларды алуу мүмкүнчүлүгүн берди.

Белгилей кетүү керек, топтордо иштөө, тренингдин катышуучуларынын тажрыйбасына жана пландарына негизделген материалдарды андан ары көрсөтүп берүү тажрыйба алмашуу, өзгөчө социалдык тапшырыктын БӨУ-аткаруучуларынын өкүлдөрү үчүн тармактык байланышты баштоо үчүн жакшы дем болуп берди.



Тренингдин программаларына ылайык, окутуунун биринчи күнү социалдык долбоорлорду ишке ашыруу жана алар боюнча финансылык отчет тапшыруу маселесине арналды. Долбоордун адистери Татьяна БЕЛЕЦКАЯ жана Айгүл БАЙЫШБАЕВА финансылык өз ара эсептешүүнүн эрежелери, отчеттуулук жана долбоорлорду ишке ашыруунун шарттары тууралуу кенен айтып беришти. Ошондой эле сатып алуулардын жол-жобосу, документтерди түзүү жана колдонулган гранттык каражаттар тууралуу отчет тапшыруу тууралуу маселелер каралды.

Тренингдин экинчи жана үчүнчү күндөрү мониторинг жана баалоо түшүнүктөрүнө арналып, катышуучуларда аларды өткөрүү үчүн кандай аспаптар колдонулары, ким өткөрө алары тууралуу билүү мүмкүнчүлүгү болду. Мында катышуучуларга Долбоордун адиси Султан МАЙРАМБЕКОВ жардамга келди. Анын көмөгү менен катышуучулар мониторингди система катары карап чыгып, мониторинг жана баалоо (МжБ) аудиттен, инспекциядан жана изилдөөдөн эмнеси менен айырмаланарын; БМжБ тобун түзүү процессин талкуулап, БМжБ тобунун иш планын, долбоордун туруктуулугу боюнча планды иштеп чыгышты; аткарылган иштер тууралуу БМжБ тобунун отчеттору, анын формалары, муниципалдык социалдык тапшырык долбоорун ишке ашыруу боюнча алынган транштар боюнча отчеттордун формалары менен таанышып, талкуулашты.

Буга кошумча Долбоордун юристтери Нурдин КҮМҮШБЕКОВ жана Бекболот БЕКИЕВ долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө пайда болушу ыктымал суроолорду чечүүнүн юридикалык жол-жоболоруна байланыштуу катышуучулардын суроолоруна жооп беришти.

Тренинг учурунда катышуучулар көтөргөн суроолордун, талкуулардын жыйынтыгын Өнүктүрүү саясат институту андан ары өнөктөштөр менен кеңешүү үчүн дыкат талкуулап, иликтеди. Тренингдин бардык катышуучуларына (ЖӨБО жана БӨУ өкүлдөрүнө) социалдык тапшырыкты жайгаштыруунун жана ишке ашыруунун алкагында иш-аракеттерди тийиштүү аткаруу үчүн документтердин үлгүлөрү берилди.



# Социалдык тапшырыктардын аткарылышы

Гуляим ШАМШИДИНОВА

## Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Каныш-Кыя АА: “Баластан” долбоору



Каныш-Кыяда артыкчылыктуу маселени тандап алуу процессинин 254 катышуучусу жамааттагы өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык көйгөй бул – сапаттуу мектепке чейинки тарбияга жана билим берүүгө жеткиликтүүлүктүн чектелүү болгонун аныкташты. Ошондуктан муниципалитет “Каныш-Кыя ААда 2 жаштан 6 жашка чейинки курактагы балдар үчүн кошумча билим берүүнү жана сергек эс алууну уюштуруу” темасы боюнча социалдык тапшырыкты аткарууга сынак өткөрүү чечимин кабыл алды. Сынактын жеңүүчүсү болуп “ТОС Курулуш” КУ табылды. Муниципалдык социалдык тапшырыкты эффективдүү аткаруу үчүн 18 кишиден турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди. Биринчи транштын алкагында “ТОС Курулушу” КУ төмөнкүдөй иштерди аткарды: өткөрүлгөн тендердин негизинде “Кочорбаев К” ЖИ жаңы эмерек жасады (балдар жана мугалимдер үчүн отургучтар, столдор), Каныш-Кыя жана Айгыр-Жал айылдарындагы бала бакчаларда экиден бөлмө бөлүндү, 2ден 6 жашка чейинки 75 баланын

тизмеси түзүлдү, сынактын негизинде 5 педагог-тарбиячы тандалып алынды, 3 сааттан 2 нөөмөттө окуу өтөт, 5 жолу ачык сабактар өткөрүлдү, ЖӨБ органдары менен биргеликте аткарылган иштер тууралуу маалымат берүү боюнча коомдук угуулар өттү. Долбоорду ишке ашырууда өнөктөштөр – Чаткал районунун мамлекеттик администрациясы, райондук билим берүү бөлүмү, Каныш-Кыя айылындагы "Чебурашка" жана Айгыр-Жал айылындагы "Алтын-Бешик" бала бакчалары.

"ТОС Курулуш" КУ менен байланыш жолдору:
(+996) 777 731 192, электрондук дарек:
kanysh-kya@mail.ru, saikal0814@yandex.ru,
Сайкалбү АБДЫЛДАЕВА.

# Кара-Көл шаары (Жалал-Абад облусу): "Балдар бөтөн болбойт" долбоору



Кара-Көл шаарында артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессинин 503 катышуучусу ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдарга алардын дараметине жараша кошумча билим берүү жана тарбиялоо үчүн шарттардын жоктугун жамаат үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык маселе катары аныктап алышты. "Балдар бөтөн болбойт" долбоорун ишке ашыруу боюнча социалдык тапшырыктын аткаруучусу катары "Аймира" коомдук фонду тандалып алынды. Долбоор мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн борбор түзүү максатын көздөйт. Ал жерде ошондой адамдардын мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн шарттар, саламаттыкты колдоо системасы түзүлүп, алар эмгек базарында талап кылынган кесиптерге окутулушат. Муниципалдык социалдык тапшырыкты эффективдүү аткаруу үчүн 8 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди. Биринчи транштын алкагында "Аймира" коомдук фонду төмөнкүдөй иштерди аткарды: реабилитациялык борбор оңдолду; эки социалдык кызматкер ишке алынды (юрист жана психолог); реабилитациялоо, билим берүү, психологиялык жана юридикалык кызмат көрсөтүү программалары иштелип чыкты; ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү 128 бала аныкталды; долбоордун мазмуну жана туруктуулугу, биргелешкен мониторинг тобунун пландары тууралуу катышуучуларга маалымат берүү үчүн тегерек стол уюштурулду.

Долбоорду ишке ашыруу боюнча өнөктөштөр: Кара-Көл шаарындагы №88 кесиптик лицейи, шаардык социалдык коргоо башкармалыгы, шаардык билим берүү башкармалыгы, КР Өкмөтүнүн Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү.

"Аймира" КФ менен байланышуу үчүн:
(+996) 772 663 122, (+996) 551 171 438,
электрондук дарек: Pf-aymira@mail.ru,
Анаркүл МАШАЕВА, Айчүрөк АЗИМКАНОВА.

# Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Каргалык АА: "Күндүзгү реабилитациялык борборду ачуу аркылуу мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын адаптациясы жана реабилитациясы" долбоору



Каргалык ААда артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессинин 242 катышуучусу мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын адаптациясы жана реабилитациясы үчүн шарттардын жоктугун жамаат үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык маселе катары аныктап алышты. Социалдык тапшырыкты аткаруучу деп "Күндүзгү реабилитациялык борборду ачуу аркылуу мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын адаптациясы жана реабилитациясы" долбоорун сунуштаган "Ар бир балага үй-бүлө" коомдук фонду тандалып алынды. Долбоор Каргалык айылындагы ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар жана оор турмуштук кырдаалда калган балдар менен үй-

бүлөлөр үчүн адаптациялык жана реабилитациялык кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү жана өнүктүрүү аркылуу шарттарды түзүү максатын көздөйт. Муниципалдык социалдык тапшырыкты эффективдүү аткаруу үчүн 7 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди. Биринчи транштын алкагында “Ар бир балага үй-бүлө” КФ төмөнкүдөй иштерди аткарды: долбоордун иш-чаралар план-графиги иштелип чыкты; “Ар бир балага үй-бүлө” КФ, “ТТ Алакан” КУ жана “Үмүттүү наристе” КУ ортосунда Кызматташтык тууралуу үч тараптуу келишим түзүлдү; ишке ашырылып жаткан долбоордун максаттары, милдеттери жана аткаруучулары тууралуу маалымат берүү максатында долбоордун бет ачары өттү; АА боюнча ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын маалымат базасы түзүлдү; Күндүзгү реабилитациялык борбордун кызмат көрсөтүүлөрүнө муктаж болгон 25 баладан турган топту тандап алуу боюнча иштер жүрүүдө; Казарман айылында ижарага алынган батирде борборду ачууга даярдыктар көрүлүүдө. Долбоорду ишке ашыруу боюнча өнөктөштөр: “ТТ Алакан” КФ, “Үмүттүү наристе” КУ, “Кыргызстандын түштүгүндөгү Социалдык педагогдордун союзунун өкүлчүлүгү” КУ, райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгы, райондук билим берүү башкармалыгы, Казарман айылынын Үй-бүлөлүк медицина борбору, Тогуз-Торо районунун мамлекеттик администрациясы.

“Ар бир балага үй-бүлө” КФ менен байланыш жолдору: ( +996 3222) 56 590, (+996) 772 206 537, (+996) 555 855 508, электрондук дарек: family-to-everychild@list.ru, Зайнап ЭШМУРАТОВА, Масуда АНАРБАЕВА.

## Баткен облусунун Лейлек районундагы Катран АА: “Балдардын билим берүүсүнө инвестициялоо” долбоору




Катран ААда артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессинин 536 катышуучусу бала бакчага барбаган балдардын өнүгүүсүнүн төмөн деңгээлин жамаат үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык маселе катары аныктап алышты. Муниципалдык социалдык тапшырыктын аткаруучусу деп “Балдардын билим берүүсүнө инвестициялоо” долбоорун сунуштаган “Инсан Лейлек” коомдук фонду тандалып алынды. Долбоор 2ден 6 жашка чейинки курактагы балдардын мектепке чейинки даярдыгын жакшыртуу үчүн шарттарды түзүү жолу менен мектепке чейинки курактагы балдардын даярдыгын уюштуруу, ата-энелер жана педагогдор менен баарлашуунун көндүмдөрүн үйрөтүү менен билимдин түрдүү тармактарына маалымат берүүчү, чыгармачыл жолдор жана оюн аркылуу кызыктыруу боюнча кызмат көрсөтүү максатын көздөйт. Муниципалдык социалдык тапшырыкты эффективдүү аткаруу үчүн 7 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди. Биринчи транштын алкагында “Инсан Лейлек” БӨУ төмөнкүдөй иштерди аткарды: Балдарды өнүктүрүү борборунун имаратына жабдууларды сатып алуу, эмеректерди жеткирүү жана орнотуу боюнча ачык сынак; “Мектепке чейинки мекеме деген эмне?” (Мекеменин кызматкеринин кызматтык милдеттенмелери) темасына 30 киши үчүн методикалык сабактар; Балдарды өнүктүрүү борборуна кызматкерлерди тандап алуу боюнча сынак өткөрүлдү; “Балдардын эрте жетилүүсүнүн мааниси. “КРда мектепке чейинки билим берүү жөнүндө” Мыйзам” темасына мекеменин кызматкери болууну каалагандарга методикалык окуулар өткөрүлдү. Долбоорду ишке ашыруу боюнча өнөктөштөр: Лейлек районунун мамлекеттик администрациясы, райондук билим берүү бөлүмү, Исфана шаарындагы “Барчын” бала бакча.

“Инсан Лейлек” КФ менен байланыш жолдору:
(+996) 3656 50 104, (+996) 773 427 932,
(+996) 770 691 184,
электрондук дарек: insan_leilek@rambler.ru,
Сагынбек СЕЙДАЛИЕВ.

## Талас облусунун Талас районундагы Көк-Ой АА: “Биз мектепке даярбыз” долбоору

Көк-Ой ААда артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессинин 276 катышуучусу мектепке чейинки билим берүүнүн төмөн деңгээлин жамаат үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык маселе катары аныктап алышты.

Муниципалдык социалдык тапшырыктын аткаруучусу болуп “Биз мектепке даярбыз” долбоорун сунуштаган “Айкөл” жарандык демилгелерди өнүктүрүү борбору” КУ тандалып алынды. Долбоор мектепке барбаган балдар үчүн мектепке чейинки



даярдыгын уюштуруу максатын көздөйт. Муниципалдык социалдык тапшырыкты эффективдүү аткаруу үчүн 5 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди.

Биринчи транштын алкагында "Айкөл" жарандык демилгелерди өнүктүрүү борбору" КУ төмөнкүдөй иштерди аткарды: курулуш материалдарын сатып алууга тендер өткөрүлдү ("Мамырова А." ЖИ), балдар аянтчасы жана чатыр үчүн материалдар сатып алынып, орнотулду (2 селкинчек, 2 жылгаяк дөбө, 2 боз үй), "Биз мектепке даярбыз" долбоорунун бет ачары болду (максаттары, милдеттери, аткарылган иштер тууралуу) жана "Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө" КР Мыйзамы, ошондой эле КМШ өлкөлөрүндө жана Европада мамлекеттик тапшырыкты ишке ашыруунун мыкты практикасы тууралуу маалымат берилди. Долбоорду ишке ашырууда өнөктөштөр: Талас районунун мамлекеттик администрациясы, "Асель" бала бакчасы.

"Айкөл" жарандык демилгелерди өнүктүрүү борбору" КУ менен байланышуу үчүн:
(+996 3422) 53 967,
электрондук дареги: cidcaikol@gmail.com,
Гүлмира ТЕМИРБЕКОВА.

## Талас облусунун Талас районундагы Өмүралиев АА: "Аталардын мурасы" долбоору



Өмүралиев ААда артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессинин 328 катышуучусу кыргыз маданиятын өнүктүрүү жана жайылтуу үчүн шарттардын жетишсиздигин жамаат үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык маселе катары аныктап алышты. Муниципалдык социалдык тапшырыктын аткаруучусу болуп "Аталардын мурасы" долбоорун сунуштаган "Айкөл" жарандык демилгелерди өнүктүрүү борбору" КУ тандалып алынды. Долбоор кыргыз элинин улуттук билимин, маданиятын жана тарыхын топтоо, аны сактоо жана жайылтуу максатын көздөйт. Муниципалдык социалдык тапшырыктын эффективдүү аткаруу үчүн 3 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди.

Эки транштын алкагында "Айкөл" жарандык демилгелерди өнүктүрүү борбору" КУ төмөнкүдөй иштерди аткарды: Өмүралиев ААдагы маданият үйүнүн имаратында бөлмө бөлүндү; сынактын негизинде курулуш материалдары жеткирилип, компьютердик сабатсыздыкты жоюуга жана комузга үйрөтүү үчүн класска жана залга толук ремонт жасалды; сынактын негизинде комуздар жана кеңсе техникасы сатып алынды; "Аталардын мурасы" долбоорунун бет ачары өттү (максаттары, милдеттери, күтүлгөн жыйынтыктар, МСТ боюнча ченемдик укуктук актылар, анын ичинде КМШ өлкөлөрү жана Европа боюнча); өнөктөш уюмдун кызматкерлерин долбоорду ишке ашырууга тартуу боюнча семинар өттү; сынактын негизинде 12ден 35 жашка чейинки курактагы катышуучулар арасында сынак уюштурулуп, 40 киши тандалып алынды (комуз боюнча курска 20 киши, компьютердик сабаттуулуктун негиздери боюнча курска 20 киши).

Долбоорду ишке ашыруу боюнча өнөктөштөр: КР Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин Талас облустук башкармалыгы, КР Өкмөтүнүн Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү.

"Айкөл" жарандык демилгелерди өнүктүрүү борбору" КУ менен байланышуу үчүн:
(+996 3422) 53967, (+996) 557 665 222,
электрондук дарек: cidcaikol@gmail.com,
Аймира ЖУМАШЕВА.

# Баткен облусунун Лейлек районундагы Сумбула АА: “Коммуна айылында (Сары-Дөбө) мектепке чейинки билим берүү борборун ачуу” долбоору



Сумбула ААда артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессинин 404 катышуучусу Коммуна айылындагы (Сары-Дөбө) мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүү деңгээлинин төмөндүгүн жамаат үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык маселе катары аныктап алышты. Муниципалдык социалдык тапшырыктын аткаруучусу болуп “Коммуна айылында (Сары-Дөбө) мектепке чейинки билим берүү борбору ачуу” долбоорун сунуштаган “Билек” коомдук фонду тандалып алынды. Долбоор Коммуна айылында (Сары-Дөбө) мектепке чейинки курактагы балдардын даярдыгын уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүү максатын көздөйт. Муниципалдык социалдык тапшырыкты эффективдүү аткаруу үчүн 5 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди. Биринчи транштын алкагында “Билек” коомдук фонду төмөнкүдөй иштерди аткарды: өткөрүлгөн тендердин негизинде “К.Бектемиров” ЖИ Мектепке чейинки билим берүү борборун калыбына келтирүү жана ремонттоо үчүн курулуш материалдарын жеткирип берди, Долбоордун алкагында өткөрүлгөн иш-чаралар, анын максаты жана милдеттери тууралуу жергиликтүү жамаатка маалымат берүү үчүн чогулуш өттү, ремонттук иштерди жүргүзүү үчүн жергиликтүү жамааттын ичинен 12 кишиден турган бригада тандалып алынды, ремонт иштерине мониторинг жүргүзүү үчүн эксперт-консультант – инженер куруучу тартылды.

Долбоорду ишке ашырууда өнөктөштөр: Лейлек районунун мамлекеттик администрациясы, райондук билим берүү бөлүмү, Андарак айылындагы “Байчечекей” бала бакчасы.

“Билек” коомдук фонду менен байланышуу үчүн:
(996 3656) 50 132, (+996) 771 357 030,
электрондук дарек: Ngo-bilek@yandex.ru,
janatay@rambler.ru,
Аида НАБИЕВА, Жанатай АСАНОВА.

# Таш-Көмүр шаары (Жалал-Абад облусу): “Таш-Көмүр шаарынын жаштарын коомдун социалдык-маданий өнүгүүсүнө тартуу” долбоору



Таш-Көмүр шаарында артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессинин 638 катышуучусу шаардагы жаштардын социалдык-маданий өнүгүүсү үчүн шарттардын жоктугун жамаат үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык маселе катары аныктап алышты. Муниципалдык социалдык тапшырыктын аткаруучусу болуп “Таш-Көмүр шаарынын жаштарын коомдун социалдык-маданий өнүгүүсүнө тартуу” долбоорун сунуштаган “Жаштарды өнүктүрүү институту” коомдук уюму тандалып алынды. Долбоор жаштардын жана муниципалдык структуралардын өз ара аракети аркылуу Таш-Көмүр шаарынын жаштарын социалдык-маданий жактан өнүктүрүү максатын көздөйт.

Муниципалдык социалдык тапшырыкты эффективдүү аткаруу үчүн 7 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди. Биринчи транштын алкагында “Жаштарды өнүктүрүү институту” коомдук уюму төмөнкүдөй иштерди аткарды: шаардын өнүгүүсүндө жаштардын

жигердүүлүгүн жана катышуусун жогорулатуу үчүн шаар жаштарынын Конгрессин уюштуруу жана өткөрүү; 12 адамдан турган жаштардын социалдык-маданий өнүгүүсү боюнча шаардык жаштар Кеңеши түзүлгүдө; Таш-Көмүр шаарынын бардык органдарынын жана структураларынын жеткиликтүүлүгүнө жана ишинин айкындуулугуна мониторинг жүргүзүү үчүн шаардын сайты түзүлүп, иштей баштады; китепкананы маалымат-ресурстук борборго айландыруу үчүн ремонт иштери жасалды.

“Жаштарды өнүктүрүү институту” коомдук уюму менен байланышуу жолдору:
(+996 312) 896 304, 896 312, (+996) 773 819 459,
(+996) 553 437008, электрондук дарек:
office@dr.kg, ТИЛЕБАЛДЫ уулу Элийзар,
Эльнура КАЛЫБАЕВА, Айсулуу МЕЛИСБЕК.

## Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Терек-Сай АА: “Аз камсыздалган үй-бүлөдө өскөн балдардын, жетимдердин жана жарым-жартылай жетимдердин мектепке чейин билим берүүсүнө жеткиликтүүлүгүн камсыздоо” долбоору



Терек-Сай ААда артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессинин 308 катышуучусу Терек-Сай ААдагы жетимдерге, жарым-жартылай жетимдерге, ошондой эле аз камсыздалган үй-бүлөлөрдө өскөн балдарга кошумча билим берүү жана тарбиялоо үчүн шарттардын жоктугун жамаат үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык маселе катары аныктап алышты. Муниципалдык социалдык тапшырыктын аткаруучусу болуп “Аз камсыздалган үй-бүлөдө өскөн балдардын, жетимдердин жана жарым-жартылай жетимдердин мектепке чейинки билим берүүсүнө жеткиликтүүлүгүн камсыздоо” долбоорун сунуштаган “Айкан” коомдук фонду тандалып алынды. Долбоор Терек-Сай ААдагы жетимдерге, жарым-жартылай жетимдерге, ошондой эле аз камсыздалган үй-бүлөлөрдө өскөн балдарга кошумча билим берүүнү жана тарбиялоону уюштуруу максатын көздөйт. Муниципалдык социалдык тапшырыкты эффективдүү аткаруу үчүн 7 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди. Биринчи транштын алкагында “Айкан” коомдук фонду төмөнкүдөй иштерди аткарды: жабдууларды жеткирүүгө тендер өткөрүлдү, эмеректер, чарбалык товарлар, оюнчуктар сатып алынып, Терек-Сай айыл өкмөтүнө өткөрүлүп берилди; сынактын негизинде 2 штаттык кызматкер тартылды (тарбиячы, тарбиячынын жардамчысы); 4төн 6 жашка чейинки муктаж болгон 60 баланын тизмеси түзүлдү; Терек-Сай айылындагы “Ай нуру” бала бакчасында 2 бөлмө бөлүндү, ал жерде азыр ремонт иштери жүрүүдө. Долбоорду ишке ашыруу боюнча өнөктөштөр: “Ай нуру” бала бакчасы, райондук билим берүү башкармалыгы.

“Айкан” коомдук фонду менен
байланышуу жолдору: (+996) 777 817 466,
электрондук дарек: sumsar_okrug@mail.ru,
Алижан ЖЕРЕМБАЕВ.

## Баткен облусунун Лейлек районундагы Тогуз-Булак АА: “Өзгөчө муктаж балдар үчүн күндүзгү реабилитациялык борборду ачуу” долбоору

Тогуз-Булак ААда артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессинин 424 катышуучусу Терек-Сай ААдагы майып балдардын коомдук жашоого жана билим алууга жеткиликтүүлүктүн жоктугун жамаат үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык маселе катары аныктап алышты.

Муниципалдык социалдык тапшырыктын аткаруучусу болуп “Өзгөчө муктаж балдар үчүн күндүзгү реабилитациялык борборду ачуу” долбоорун сунуштаган “Инсан Лейлек” коомдук фонду тандалып алынды. Долбоор өзгөчө муктаж балдарды тарбиялоо боюнча ата-энелердин билимин жана маалымдуулугун жогорулатуу, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын турмуш шартын



жакшыртуу максатын көздөйт. Муниципалдык социалдык тапшырыкты эффективдүү аткаруу үчүн 7 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди.

Биринчи транштын алкагында “Инсан Лейлек” коомдук фонду төмөнкүдөй иштерди аткарды: долбоорду ишке ашыруу үчүн “Инсан Лейлек” КФ командасы түзүлдү; долбоордун жумушчу тобун түзүү боюнча аймактын активисттери жолугушуу өттү; жабдууларды жана курулуш материалдарын сатып алуу боюнча ачык сынак өткөрүлдү (эмерек, тиричилик товарларын жана жабдууларды жеткирүү, жалпы курулуш иштери); майыптыгы бар бардык балдардын толук жана так тизмесин түзүү үчүн Тогуз-Булак айылдык аймагындагы беш айылды үймө-үй кыдыруунун натыйжасында майыптыгы бар 49 бала аныкталды; 49 балага Социалдык картаны түзүү боюнча иштер башталды; натыйжада ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын жалпы тизмесине 55 бала кирди.

Долбоорду ишке ашырууда өнөктөштөр: Лейлек районунун мамлекеттик администрациясы, райондук социалдык коргоо боюнча башкармалыгы, “Тонус” жеке медициналык клиникасы.

“Инсан Лейлек” КФ менен байланыш жолдору:
(+996) 3656 50 104, (+996) 773 427 932,
(+996) 770 691 184,
электрондук дарек:
insan_leilek@rambler.ru,
Сагынбек СЕЙДАЛИЕВ,
Гүлнара ДЕРБИШЕВА.

## Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Чаткал АА: “Бала Нур” долбоору



Чаткал ААда артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессинин 209 катышуучусу Чаткал ААда 2ден 6 жашка чейинки балдардын дене тарбия өнүгүүсү, логикалык ой жүгүртүүсү, ошондой эле аларга кошумча билим берүү үчүн шарттардын жоктугун жамаат үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу социалдык маселе катары аныктап алышты.

Муниципалдык социалдык тапшырыктын аткаруучусу болуп “Бала Нур” долбоорун сунуштаган “ТОС Курулуш” коомдук уюму тандалып алынды. Долбоор Чаткал ААда 2ден 6 жашка чейинки балдардын дене тарбия өнүгүүсү, логикалык ой жүгүртүүсү, ошондой эле аларга кошумча билим берүү үчүн шарттарды түзүү максатын көздөйт.

Муниципалдык социалдык тапшырыкты эффективдүү аткаруу үчүн 9 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлдү. Анын курамына жамааттын лидерлери, айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, социалдык мекемелердин кызматкерлери кирди.

Биринчи транштын алкагында “ТОС Курулуш” коомдук уюму төмөнкүдөй иштерди аткарды: 2-6 жаштагы балдардын тизмеси жана саны такталды: 2 айылдан 100 киши; сынактын негизинде 5 тарбиячы тандалып алынды; календардык план иштелип чыкты; тендердин негизинде эки бала бакча үчүн жабдуулар, эмерек жана кеңсе техникалары сатып алынды; иш-чаралар өткөрүлдү (тегерек стол, 240 сааттык программанын негизинде окутуу боюнча семинар, сүрөттөрдүн көргөзмөсү, ачык сабактар ж.б.); долбоордун максаттары жана милдеттери, ошондой эле жергиликтүү жамаат үчүн долбоордун алгачкы жыйынтыктары тууралуу бет ачар өттү.

Долбоорду ишке ашырууда өнөктөштөр: Чаткал районунун мамлекеттик администрациясы, райондук билим берүү бөлүмү, Жаңы-Базар айылындагы “Байчечекей” жана Курулуш айылындагы “С.Чондоева” бала бакчалары.

“ТОС Курулуш” КУ менен байланыш жолдору:
(+996) 777 731 192,
электрондук дарек:
kanysh-kya@mail.ru, saikal0814@yandex.ru,
Сайкалбү АБДЫЛДАЕВА.

# “Социалдык долбоорлорду баалоо” китебин сунуштайбыз



“Муниципалитет” журналы буга чейин өз басылмаларында Орусия Федерациясынын Кайрымдуулук уюмдардын Улуттук ассоциациясынын социалдык тапшырыкты өнүктүрүү тажрыйбасына көп жолу шилтеме жасап келген эле. 2015-жылдын март айында Өнүктүрүү саясат институтунун чакыруусу менен Кыргызстанга аталган ассоциациянын жетекчилеринин бири, секторлор аралык өз ара аракетти жана социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү чөйрөсүндө белгилүү эксперт Нодар ХАНАНАШВИЛИ келген болчу. Нодар Лотариевич 2015-жылы Москвада чыккан “Социалдык долбоорлорду баалоо” китебин ӨСИге белек катары ала келген. Бул окуу куралы биринчи кезекте социалдык долбоорлорду жана программаларды баалоо жаатында баалоо ишмердигинин методикалык негиздерин түзүү темасынын үстүнөн ишти улантууну көрсөтүп турат. Социалдык-долбоордук ишмердүүлүктү өнүктүрүү жана долбоордук маданияттын негиздерин жайылтуу бүгүнкү күнгө чейин Орусияда да, Кыргызстанда да заманбап социалдык саясаттын актуалдуу милдеттеринин бири бойдон кала берүүдө. Бул методикалык окуу куралы социалдык долбоорлоо чөйрөсүндө иш алып барган жана социалдык программалар менен долбоорлорго экспертиза жүргүзүү менен алектенген адистер, бийлик органдарынын өкүлдөрү, социалдык долбоорлоодо белгилүү бир тажрыйбасы бар коммерциялык эмес уюмдардын активисттери, студенттер, аспиранттар, политологиялык, социологиялык жана экономикалык окуу жайлардын аспиранттары, окутуучулары үчүн кызыктуу болушу мүмкүн.

Автордун уруксаты менен “Муниципалитет” журналы өз беттерине “Социалдык долбоорлорду баалоо” китебинин бир главасын жарыялоону чечти.

**Автор тууралуу**

### Нодари Лотариевич ХАНАНАШВИЛИ

Д.И.Менделеев атындагы Москва химия-технологиялык институтун 1981-жылы жана Москва мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин 1995-жылы аяктаган.

2007-жылдан бери Кайрымдуулук уюмдардын Улуттук ассоциациясынын вице-президенти, “Просвещение” Кайрымдуулук фондунун өнүгүү долбоорлору боюнча башкы директорунун орун басары, Москва шаардык Коомдук кеңешинин мүчөсү. 1991-жылдан 2005-жылга чейин “Аракечтикке жана баңгиликке жок дейли” Орусиялык кайрымдуулук фондунун юридикалык кызматын жетектеген; ювеналдык юстиция боюнча мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууга, ошондой эле социалдык тапшырык, фонддор, бийлик органдарынын бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдар менен өз ара аракети боюнча мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууга жигердүү катышкан; ошондой эле бир нече концептуалдык материалдарды иштеп чыккан: Бийлик органдарынын КЭУ менен өз ара аракетинин системасынын концепциясы; Орусия Федерациясында мамлекеттик саясатты балдардын кызыкчылыгында түзүү жана жүзөгө ашыруу концепциясы; Орусия Федерациясында жарандык көзөмөлдү жүзөгө ашыруунун концепциясы; ОФ Коомдук палатасын түзүү жана ишинин концепциясы.

2005-жылдан 2006-жылга чейин Орусия Федерациясынын Президентине караштуу жарандык коом жана адам укуктары институттарын өнүктүрүүгө көмөктөшүү боюнча Кеңештин басма сөз кызматынын жетекчиси болуп иштеген. Юридикалык илимдердин кандидаты, 150дөн ашык макаланын, 8 жамааттык монографиянын автору.

1998-жылдан бери Орусиянын 40тан ашык регионунда, ошондой эле Кыргызстанда, Казакстанда, Тажикстанда, Азербайжанда, Грузияда, Украинада, Беларусияда 200дөн ашык семинар жана тренингдерди өткөргөн.

# Долбоорду башкарууда баалоонун ролу жана орду

Нодар ХАНАНАШВИЛИ

Автордун уруксаты менен текст боюнча басылууда: Автономов А.С., Хананашвили Н.Л. Социалдык долбоорлорду баалоо: окуу куралы / А.С. Автономовдун жал. ред. алд. М.: “Юрист” басма тобу, 2015. 101-116-б.
ISBN 978-5-91835-237-3

**Социалдык долбоорлоодо башкаруучулук жана баалоо ишмердигинин негиздери.** Долбоорду башкаруу бир жагынан долбоордук ишмердиктин бир кыйла өз алдынча өңүтү болуп саналат. Экинчи жагынан долбоорду башкаруу деп иш-аракеттердин кандайдыр бир системасын атаса болот:

– иш-чараларды пландоону, талап кылынган кадрларды тандап алууну жана аларды иш үчүн зарыл ресурстар менен камсыздоону камтыган долбоорду ишке ашыруу дыкат алдын ала даярдыкка негизделген;

– долбоордун алкагында болуп жаткан окуялар

жана башкарылып жаткан долбоордун системанын ичинде да, аны аткарууга олуттуу таасирин тийгизген сырткы да жагдайлардан түзүлгөндөр тууралуу жакшы билим деңгээлин жана конкреттүү долбоордо болуп жаткан бардык нерсеге жогорку башкаруучулук ички туюмду талап кылган;

– баштапкы пландардан жана кетирилген каталардан (албетте алар болбой койбойт) улам бир топ четтеп калууларды оңдоого өбөлгө түзгөндөрдөн, долбоордун алдында күтүп турган ийгиликтерди белгилөөдөн, бекитүүдөн жана өнүктүрүүдөн;

– ишке ашырылып жаткан долбоордун бардык катышуучуларынын өнөктөштүк кызматташуусун өнүктүрүүгө багытталган, долбоордун өзүнүн чөйрөсүндө жана долбоорго карата тышкы структуралары жана субъекттери менен – долбоорду ишке ашыруунун сапатын жогорулатуу үчүн.

Ошентип долбоорду башкаруу сапаты көп учурда менеджменттин колунда болгон ресурстарды так түшүнө билүүгө, долбоордун алкагында болуп жаткан окуяларды көңүл чордонунда кармап турууга (кээде анын сыртында болуп жаткандарды да) жана долбоордун катышуучуларынын ишмердигин жана өз ара аракетин уюштуруу, зарыл болгон учурда түзөтүү жөндөмдүүлүгүнө негизделген.

Жогоруда аталган позициялар ишке ашырылып жаткан долбоордун эффективдүүлүгүнө мониторинг жана баалоо жүргүзүү зарылчылыгы көз карашынан алып караганда олуттуу мааниге ээ.

Ушул тапта Орусияда долбоорлорду түзүүдө жана долбоордук ишмердикти ишке ашырууда баалоо ишин ишке ашыруу үчүн ченемдик-укуктук, кадрдык, билим берүүчү-методикалык база өтө жакыр. Баалоону тигил же бул ишмердик чөйрөсүн башкаруу үчүн аспап катары колдонуунун негизги чөйрөсү – бул социалдык долбоорлор сынагында табыштама документтерге, ошондой эле программалардын жана долбоорлордун өзүнүн саясатын жүзөгө ашыруунун долбоордук режимине тиешелүү башка алдын ала даярдалган документтерге экспертиза жүргүзүү. Азыркы Орусиянын аймагында ортодогу жана жыйынтыктоочу мазмундуу баалоонун баскычтуу жана башка формалары, долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу процесстерине илимий жактан тастыкталган жана пландуу курулган жана ишке ашырылган мониторинг дээрлик жүзөгө ашырылган эмес.

Албетте көп сандаган, бирок ар кандай маалымат булактары бар, өзүнчө структуралар жана атүгүл өз инструментарийинде баалоо ишмердигин колдонгон коомдук активдүүлүктүн тигил же бул секторунун бөлүктөрү да бар. Мисалы, Орусия Федерациясынын Эсептөө палатасы өз ишинде зарыл болгон эффективдүүлүккө аудит[1] өңдүү стандартты түзүүгө жакында эле киришип, бул стандартты иштеп чыкты. Бирок кийин ал Эсептөө палатасынан алынып ташталды. Бүгүнкү күнгө чейин эффективдүүлүккө аудитин стандартын колдонуу практикасы аймактагы эсептик-контролдук органдардын практикалык ишинде жайылтылбаганын белгилей кетүү керек[2].

Ошону менен бирге биринчи сектор дегенде биз коомдук бийлик органдарын, экинчи сектор дегенде бизнести, үчүнчүсү – бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдарды же социалдык багыттагы коммерциялык эмес уюмдарды айтабыз.

Ошол эле маалда ар кайсы долбоордун бардык "ишмердик линейкасына" контроль системасын түзүүнүн актуалдуулугу тиешелүү максаттуу топтордун керектөөлөрүнө анализ жана баалоодон баштап, таасир этүүгө жана кесепеттерине баалоого чейин (же башкача айтканда коомдук жашоого таасир этүүсүн баалоо) ишмердиктин бардык чөйрөсү үчүн, өзгөчө социалдык чөйрө үчүн курч бойдон кала берүүдө. Эгерде баалоо ишин долбоордук мамиледе колдонуу чөйрөсүн кыскача санап көрө турган болсок да, бир кыйла олуттуу тизме чыга келет: мониторинг, анализ, диагностика, документтерге аудит, баалоо, инспекция, текшерүү, божомол, моделдөө, пландоо, долбоорлоо, изилдөө – бул долбоордук аракеттердин баарында баалоо ишмердигинин ролу борбордук да болуп кетет.

Долбоордун текстин долбоорлоо жана баалоо баскычынан кийин (албетте эгерде долбоор жактырылса жана талап кылынган, тиешелүү ресурстук колдоого ээ болсо) аны практикада ишке ашыруу баскычы башаталат.

Долбоордун алкагында жана ишке ашыруу процессинде баалоо ишмердиги аткарган функциялар көп түрдүү. Аны жүзөгө ашыруу процессин контролдоо менен биз мындай иштин төмөнкүдөй маанилүү түзүүчүлөрүн белгилей алабыз.

**Биринчиден, баалоо ийгиликтерди бөлүп көрсөтөт.** Аскер ишинде чабуул маалында жирөп кирүүнүн точкасын аныктоо маанилүү болгондой эле ар бир долбоорду ишке ашырууда "точкалар" же "өсүш векторлор" – ишке ашырылып жаткан долбоор дагы да ийгиликтүү өтө турган багыттар маанилүү болуп эсептелет. Тигил же бул ийгиликтүү практикаларга талдоо жүргүзүп отуруп, ийгиликке себеп болгон негизги же өзөктүк элементтерди таап, кайсы багытта ишти улантуу керектигин, социалдык технология менен түзүлгөн жалпы аракеттердин кайсы элементтерин өнүктүрүүгө, же аны колддонуунун кайсы өзгөчөлүктөрүнө кийин басым жасоо керектигин түшүнсө болот. Долбоорду ишке ашырууда оң учурларга көз салып туруу жана белгилеп калуу өтө маанилүү, себеби алар долбоордун катышуучуларынын мотивациясынын өсүшүнө жана аларды бекемдөөгө, алардын оң жана туруктуу жыйынтыкка жетүүгө багыттуулугуна көмөктөшөт.

[1] Орусия Федерациясынын Эсептөө палатасынын ишмердигин методологиялык камсыздоо жөнүндө" докладды караңыз. URL: http://www.ach.gov.ru/userfiles/tree/metod_obespech-tree_files-fl-46.pdf

[2] Мисалы, Москванын Контролдук-эсептөө палатасынын 2011-жыл үчүн докладында атүгүл "эффективдүүлүккө аудит" түшүнүгү камтылган эмес (ал 2010-жыл үчүн жылдык отчеттун аталышы жазылган баракта жайгашканына карабастан). URL: http://www.ksp.mos.ru/ru/work/annual_report_2010/

**Экинчиден, баалоо чабал жактарды аныктайт.** "Терс жыйынтык – бул да жыйынтык". Тигил же бул долбоорду ишке ашыруу процессинде алынган каалаган тажрыйба маанилүү. Дайыма эле ойлогон ой-максат аткарыла бербейт. Эмнени жасабаш керек болсо, ошондон баш тартуу зарыл дегенди ырастаган Библиядагы осуят өңдүү тескери эффектти көрсөткөн ишмердүүлүктүн багыты кийинки жолу мындай кыйынчылыктарга кабылбай, өз ишинде эске алуу үчүн бул жолду басып өтүү зарыл. Чогултулган жана талданып чыккан ушул өңдүү эскертүүлөр кийинки изилдөөчүлөр, долбоорду иштеп чыгуучулар, анын жетекчилери жана аткаруучулар үчүн маанилүү болот.

**Үчүнчүдөн, баалоо өзгөрүүнү, бекемдөөнү талап кылган элементтерди көрсөтүп турат (эгерде кемчиликтери болсо, аны четтетүүнүн жолдорун жана ыкмаларын көрсөтөт).** Долбоордогу терс белгилерге же окуяларга өз убагында реакция жасоо, өзгөрүүлөрдү киргизүү, долбоордогу кыймылдын багытына же аны аткаруу процессинде колдонулган ыкмаларына түзөтүү киргизүү менен долбоордун башында болуп келген, же анын жүрүшүндө пайда болгон кемчиликтерди жоюуга жол берет.

**Төртүнчүдөн, баалоо андан кийинки ишмердик жана өнүгүү стратегиясын аныктоого жардам берет.** Долбоор – бул "кичинекей жашоо"; атүгүл аны аткаруу процессинде жетекчи мунун натыйжасында эмне болооруна жана андан кийин эмне кылуу керектигине кам көрүүгө милдеттүү. Долбоордун "денесинде" болуп, аны башкаруу үчүн жооптуу менеджер (же башкаруучулар жамааты) бул долбоордун чегинен тышкары да көрө билүүгө, бул багыттагы иштин келечеги тууралуу ойлонууга тийиш (өзүнүн башкаруучулук тажрыйбасын жана аброюн сактап калуу, күчтөндүрүү жана арттыруу маанисин эске алуу менен).

**Бешинчиден, баалоо изилдөөгө алынган объекттин, максаттуу топтун "жашоосуна" олуттуу жана узак мөөнөттүү таасирин тийгизет (программанын, долбоордун аткарылышы).** Тигил же бул долбоордун келечегине жана андан кийинки тагдырына ой жүгүртүп, алдын ала божомол жасап, анын жетекчиси, же аткаруучусу долбоордун өзүнө да оң же терс таасирин тийгизбей койбойт.

Долбоорду ишке ашыруунун ийгилиги унааны башкаргандай эле көп учурда туура тандалып алынган багытка жана аракеттерге гана көз каранды болбостон, ошону менен бирге режимдин тууралыгына жана кыймылдын ыкмаларына да жараша болот. Долбоордук кыймылдын өзүндө болсо башкаруу системасынын сиздин аракеттериңизге карата сезгичтиги олуттуу ролду ойнойт. Машине жеңил башкарылганын жана сиз андан күткөн кыймылдарды, маневрларды жасап жатканын сезгенде унаа айдоо жакшы сезим тартуулайт эмеспи.

Мындан улам долбоорду аткаруунун жүрүшүндө жүзөгө ашырылган түздөн-түз башкаруучулук аракеттерден тышкары, болуп жаткандарга карата көзөмөл жүргүзүү ыкмаларын колдонуу да зарыл. Негизгилери катары мониторинг (көз салуу), инспекция (же текшерүү), аудит, баалоо, изилдөө өңдүү аракеттерди атаса болот.

Эгерде сунушталган көзөмөл аспаптарын кенен карап чыга турган болсок, долбоорду баалоону төмөнкүдөй элестетсек болот.

Долбоорду аткаруу процессинде **мониторинг** долбоордо болуп жаткандарга, анын агымына көз салып туруу үчүн зарыл. Ошону менен бирге бул аспап биринчи кезекте пландалган аракеттер жана түзүлүп жаткан реалдуулук канчалык деңгээлде алдын ала күтүүлөргө, эсептөөлөргө жана божомолдорго, тандалып алынган ыкмаларга жана технологияларга шайкеш келерин түшүнө билүү үчүн зарыл. Мындай көзөмөл үчүн ыңгайлуу ыкма болуп иштелип чыккан, же башынан эле каралган шайкештик ыкмалары жана көрсөткүчтөр эсептелет. Долбоорду башкаруу процессинде бир нече көрсөткүчтү колдонуу талап кылынат. Себеби ооруканада термометрден тышкары үстүртөдөн, жөн гана байкоо үчүн дагы көптөгөн башка аспаптар да болот эмеспи. Мисалы, дарыгер бейтапты маал-маалы менен текшерип турат, медайым нөөмөттө турат, олуттуу кырдаалда оорулуунун абалына үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү үчүн аппаратура орнотулат. Долбоор "бейтап" болбосо да бир катар учурларда өзгөчө жогорку тобокелчиликке ээ точкаларда көзөмөлдү күчөтүү турган иш.

Жалпысынан долбоорду аткаруу процесси өзөктүк стадия болуп эсептелет. Мында мониторингди колдонуу мүмкүн жана максатка ылайыктуу. Анткени дал ушул жерде үзгүлтүксүз, же мезгилдүү, пландалган аракеттер болуп турат. Аларга байкоо жүргүзүү менен кийин талдоо жүргүзүп, тыянак чыгарып, жалпылаштыруу үчүн маалыматтын зарыл болгон көлөмүн чогултууга болот.

Экинчи жагынан мониторинг өзүндө жыйынтыкка оң таасирин тийгизиши ыктымал өзгөрүүлөрдү аныктоого, талдоого жана баалоого багытталган мындан да конструктивдүү түзүүчүнү камтышы мүмкүн. Баса, бул жагынан алганда инспекция мындай оң өзгөрүүлөрдү таба алышы толук мүмкүн. Аткаруучу өзү ишке ашырган ички мониторинг өзүн-өзү көзөмөлдөө жана долбоордун жүрүшүндө болгон окуяларга жана өзгөрүүлөргө сезгичтигин сактоону камсыздоо, жетекчинин талап кылынган ыкчам чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгү жагынан алып караганда пайдалуу боло алат.

Мониторингдин өзгөчө олуттуу түзүүчүлөрү деп төмөнкүлөрдү атаса болот.

Биринчиден, мониторинг үчүн көзөмөлгө тиешелүү мүнөздөмөлөрдүн тизмеси маанилүү. Алдын ала анализ, өзгөчө тобокелчиликтерге, ресурстарга жана керектөөлөргө (мүмкүнчүлүктөргө) жүргүзүлгөн анализ долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүнө олуттуу таасирин тийгизген маанилүү мүнөздөмөлөрдү белгилөөгө жол ачат.

Экинчиден, мониторинг индикаторлордун жана көрсөткүчтөрдүн болушун талап кылат. Алардын негизинде долбоорду жалпысынан ишке ашыруунун тигил же бул өңүттөрүнүн, баскычтарынын,

жол-жоболорунун жана механизмдеринин абалын жана көзөмөлгө алынган динамиканы бааласа болот. Эгерде кадимки турмуштан мисал келтире турган болсок, биз терезеден байкап турган бир топ табигый кубулуштар көрсөткүч болуп бере алат. Мисалы, баткакты алалы. Кыш келгенде ал тоңот, жамгыр жааганда тамчыдан улам пайда болгон тегеректер көрүнүп турат, канчалык жамгыр катуу жааса, ошончолук тегереги да кеңейет. Ошондон улам биз жамгыр канчалык катуу жаап жатканын, же өткүндөй тез эле өтүп кетеби деп айта алабыз.

Үчүнчүдөн, мониторингдин түзүүчүсү болуп өлчөө жүргүзүүнүн жыштыгы жана точкасы (жери) кызмат өтөйт. Бул параметрдин маалыматынан көп учурда долбоордо болуп жаткан окуяларга, анын кесепеттерине, тенденцияларга мониторингдин сезгичтиги көз каранды.

Төртүнчүдөн, мониторинг маалыматты чогултуучуларга болгон талаптан, маалымат топтоонун ыкмаларына жана жол-жоболоруна көз каранды болот.

Бешинчиден, мониторинг баштапкы иштеп чыгуу технологиялардын жана маалыматты дагы да терең талдоонун негизинде курулат.

Алтынчыдан, мониторингдин жүрүшүндө алынган маалыматты кабыл алуу жана андан ары жайылтуу үчүн кайра түзүү жүрөт.

Жетинчиден, мониторинг долбоордун алкагында тигил же бул иш-чараларды каржылоого (ресурстук камсыздоого) байланышкан.

Бул тизмеде акыркы позиция өзгөчө азыркы орусиялык социалдык-долбоордук иш практикасын эсепке алганда бир аз көзгө өөн учурап турат. Анткен менен мындай чыгашалар (же долбоор кызматкерлеринин, аткаруучу уюм тарткан адистердин, же тышкы агенттердин күн мурда бөлгөн айрым ресурстары) алдын ала каралыш керек.

Болуп жаткан аракеттердин мурда пландалгандарга шайкештигин аныктоо жаатында дагы да терең талдаган аспап катары **аудит** эсептелет. Аудит ишке ашырылып жаткан долбоордун формалдык, экономикалык же окуяга байланган өңүттөрүнө багытталышы да мүмкүн, долбоордун дагы мазмундуу элементтерин тереңирээк кароону да караштыра алат. Мисалы, мазмундуу аудит учурунда негизги көңүл долбоорду ишке ашыруу үчүн бөлүнүп жаткан чыгымдардын максаттуу мүнөзүнө эмес, анын жүрүшүндө аткарылган аракеттердин санына эмес, жүзөгө ашырылган аракеттердин ийгилигине жана натыйжалуулугуна, конкреттүү кызмат көрсөтүүлөрдүн маңызына бурулууга тийиш. Иштин маңызына мына ушунчалык деңгээлде сүңгүп кирүү долбоор боюнча аткарылган иштин сапатын жакшылап көрүүгө жол ачат.

Кандайдыр бир көзгө көрүнгөн же олуттуу кемчиликтердин болушу **инспекция** өткөрүү зарылчылыгынан кабар берет. Контролдун бул түрүнүн негизинде тигил же бул бузууларды аныктоо боюнча иштер, долбоорду аткаруу үчүн алардын маанилүүлүк даражасы, анын ичинде күтүлгөн жыйынтыктарга ыктымал таасири жатат. Ошол эле учурда инспекция (же текшерүү) “чукул” гана эмес, пландуу да мүнөзгө ээ болот жана үзгүлтүксүз, же маал-маалы менен жүзөгө ашырылып турат; мындай учурда инспекция кандайдыр бир мыйзам ченемдүүлүктү жана тенденцияларды аныктоонун негизги милдеттеринин бири болушу мүмкүн.

Ошондой эле долбоордун алкагында **изилдөөнү** жүзөгө ашырууга болот. Иштин бул түрүнүн негизги милдети жаңы билимди алуу болуп эсептелет. Изилдөөнү ишке ашыруунун келечеги катары буга чейин байкалбай калган же баалоосуз көңүл тышында кала берген тигил же бул деталдарын жана чоожайын аныктоо, ишке ашырылып жаткан долбоордун багытын пландоо жана андан ары моделдештирүү үчүн жаңы мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана негизин пайда болуусун деталдуу изилдөө аталды.

**Социалдык долбоорду башкарууда ийгилик үчүн шарттар.** Долбоорду башкаруу анын ийгилигинин өзөктүк, маанилүү түзүүчүсү болот. Дал ушул жерден долбоор аяктагандан кийин өзүн-өзү актоо үчүн ар бир жолу В.Черномырдиндин “Жакшы кылайын дедик эле, адаттагыдай болуп калды” деген учкул сөзүн колдонуп калбаш үчүн мүмкүнчүлүк пайда болот. Ошол эле кезде социалдык-долбоордук ишмердигинин көз карашынан алганда башкаруучулук аракеттерге даярдыкка жана ишке ашырууга көзөмөл, анализ жана экспертиза башкаруунун сапаты, пландалган максаттардын жана тапшырмаларды аткарылышынын реалдуулугу жана ага жетүү, тандалып алынган багыттардын тууралыгы жана өткөрүлүп жаткан иш-чаралардын даярдыгы, камсыздалгандыгы, алдын ала финансылык пландоонун тууралыгы жана тактыгы тууралуу так элес берет.

Долбоорду башкарууда өзгөчө маанилүү деп атоого боло турган бир нече өңүтүнө көңүл буралы.

**1. Сапаттуу пландоо**

Долбоорду жазууда жүзөгө ашырылган алдын ала пландоонун маанисинен тышкары, ийгиликтүү долбоордун маанилүү өзөгү болуп аны аткарууга жана ишке ашыруу процессине түздөн-түз даярдык көрүүдө пландоо кала берүүдө.

***1.1. Ресурстарды пландоо***

Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө биз колдонууга жеткиликтүү ресурстардын көп түрдүүлүгүн байкагандай эле, долбоордун ушул баскычында “текшерүү” жүргүзүү зарыл, долбоорду аткаруу үчүн колдо болгон ресурстарды тактап алуу керек. Баарынан да маанилүүсү жөн гана тизме түзүп койбостон, долбоордун кайсы жеринде, кайсы мезгил аралыгында бул ресурс кандай өлчөмдө талап кылынарын аныктап алуу зарыл.

Бул жерде чечүү зарыл болгон дагы бир күнүмдүк тапшырма пайда болот – нак ресурстарды оптималдаштыруу. Себеби тигил же бул конкреттүү долбоордук аракетте бардык эмес, белгилүү бир ресурстар гана талап кылынат. Мисалы, семинарларды өткөрүүдө залдын ижарасына (эгерде иш-чара көчмө болсо), катышуучулардын жашаган

жери жана тамактануусуна кеткен чыгымдарды төлөө үчүн финансы каражаттары зарыл. Эгерде иш-чарага бюджеттик мекемелердин өкүлдөрү катышып жатса, ыктыярдуу ресурстар зарыл болот: тигил же бул кызматкерди чакырууну камсыздоо (катышуучуларга телефон чалып чыгуу, же жөн гана электрондук кат менен чакыруу жолдоо үчүн ыктыярдуу аракеттер) же административдик ресурстар керек болот (кызматкерди иш-чарага анын жетекчилигинин буйругу менен багыттоо). Мындан улам буга чейин каралган аракеттерди эсепке алуу менен тартылган ресурстарды колдонууну пландоону жүзөгө ашыруу зарыл.

***1.2. Аракеттерди жана окуяларды пландоо***

Күтүлүп жаткан аракеттерди жана окуяларды пландоо долбоорду жазуу процессиндегидей эле түзүлсө болот. Т.а. Ганттын диаграммасынын негизинде. Бирок мындай учурда пландоо “масштабын” өзгөртүү зарыл, бул диаграмманы дагы да деталдуу кылуу керек.

Долбоордун үстүнөн ишти баштоодо анын кайсы мезгилинде тигил же бул окуя, иш-чара болорун аныктап алуу жетиштүү болчу. Эми болсо иш-чаранын өзүн күнүмдүк пландоо да актуалдуу. Мисалы, эгерде региондор аралык же эл аралык конференция пландалып жатса, анда мазмундук жана жол-жоболук аракеттердин жалпы комплексин жүзөгө ашырууну өз учурунда караштыруу керек: чакырыла тургандардын тизмесин даярдоо, баяндамачыларды жана катышуучуларды чакыруу, алар менен баяндамасынын темасын макулдашып алуу жана балким алардан баяндамалардын тезисин сурап алуу, материалдарды даярдоо жана басып чыгаруу, катышуучулардын санына жана конференциянын форматына туура келген жайды тандап алуу, мейманканада орундарды брондоп коюу жана төлөө, катышуучулардын трансферин камсыздоо (иш-чара өтчү жерге чейин жеткирүү, кайра жеткирип коюу) жана аларды жайгаштыруу, программаны түзүү, иш-чаранын ичинде тигил же бул топторду түзүү, бардык уюштуруучулук аракеттерди тийиштүү деңгээлде аткаруу үчүн адам ресурстарына керектөөнү аныктоо.

Эгерде даярдык этабында биз үчүн тартылып жаткан адистердин эмгек акысын төлөө үчүн канча каражат керек болору, же долбоордун бардык аракеттерин аткаруу үчүн канча ыктыярчы зарыл экени маанилүү болсо, эми биздин чыгашаларды долбоорду убактысына жана окуяларга жараша бөлүштүрүп чыгуу керек.

Мисалы, эгерде долбоор иштеген маалда бухгалтерге ай сайын төлөнчү акы, же семинарды алып бара турган консультанттын же тренердин кызмат көрсөтүүсү үчүн макулдашылган акы пландалса, анда бул үчүн бөлүнгөн каражаттар алдын ала бөлүштүрүлүп, долбоордун финансылык планында эсепке алыныш керек. Мисалы, кандайдыр бир массалык иш-чараны өткөрүү үчүн ыктыярдуу жардамчыларды тартууда да күн мурда пландап, камсыздоо зарыл.

***1.3. Тобокелчиликтерди жана алардын таасирин алдын ала баалоо***

Долбоорго даярдык көрүү баскычында ишке ашырылган ушул өңдүү баалоодон айырмаланып, тобокелчиликтерди жана алардын долбоордун натыйжалуулугуна тийгизчү ыктымал таасирин баалоо долбоордун башында аракеттерге жана анда каралган окуяларга да багытталган.

Белгиленген тобокелчилик фактору шарттуу түрдө келтирилди. Бирок ушул тапта мындай өзгөрүүлөр болуп турат жана аларды эсепке албай коюу одоно ката болот.

Бул классификация маанилүү факторлорду анча маанилүү эместерден бөлүп кароо менен өзгөчө олуттуу тобокелчиликтердин тизмесин тез түзүүгө жол берет. Мындан ары албетте жогоруда келтирилген таблицада солдон үстүнө карай жайгашкан орундагы факторлорго чоң көңүлдү бөлүү керек. Муну менен бирге “буралган”, топтоштурулган маалыматты колдонууга негизделген методологиялык ыкма бир топ татаал аналитикалык аракеттерди чакан жамааттын колунан келе тургандай да, чыгармачыл жактан кызыктуу да кылат.

**2. Жогорку сезгичтик (башкаруу системасынын айкындуулугу жана ачыктыгы, зарыл болгон маалыматтын мазмундуулугу, окуяларга жана аракеттерге ыкчам реакция жасоо)**

Катышуучуларга бери дегенде ишке ашырылып жаткан долбоор тууралуу негизги маалыматтар белгилүү болбогон долбоордон (негизи эле жалпысынан уюмдун долбоордук ишмердигинен деле) эффективдүүлүктү күтүү оор. Ар бир долбоорду шарттуулуктун кандайдыр бир үлүшүн кошуп, аны ишке ашырган жамаат жашаган “чакан жашоо” түрүндө элестетсе болот. Албетте мындай “жашоодо” “оң кол сол колдун эмне кылып жатканын” билбегени жаман. Иштер макулдашылбаган учурда жалпысынан тигил же бул аракеттер, ишмердүүлүк көзөмөлдөн гана чыкпастан, ошону менен бирге бирдиктүү жамаатта бири-бирин ишеним деңгээли да азаят, мындайча айтканда “ички уюштуруучулук ишеним радиусу кыскарат”, бул болсо келечекте бардык жамааттын ынтымагына терс таасирин тийгизип, ишке болгон шыктанууну жоготот.

Ошондуктан ишке ашырылып жаткан бардык долбоордун алкагында ыкчам реакция жасоо жана долбоорду аткарылышы үчүн талап кылынган чечимдерди иштеп чыгуу үчүн аспаптар болуш керек жана алар кынтыксыз иштеши зарыл. Мындай аспаптын ролун адатта долбоордун катышуучуларынын үзгүлтүксүз жолугушуулары (бетме-бет же виртуалдык) же маалыматты алууга, алмашууга, иштеп чыгууга тоскоолдук жаратпаган башка коммуникациялык жол-жоболор, макулдашылган позициянын иштеп чыгуу жана алынган маалыматты жайылтуу эсептелет.

Тигил же бул аткаруучунун бир топ алыста болушун караштырган жана/же катышуучулардын өз ара тыгыз байланышуусуна тоскоолдук жараткан ири

масштабдуу долбоорду ишке ашырган учурда динамикалык дистанциондук байланыш ыкмаларын колдонууга жол ачкан маалымат түйүнүн түзүү зарыл чара болот. Ал адекваттуу ыкчам жана көп учурда эффективдүү башкаруу мүмкүнчүлүгүн аныктайт. Мындай учурда Skype системасына "телеконференцияларды" өткөрүү, вебинарлар же ушул өңдүү иш-чаралар жакшы коммуникациялык байланышты камсыздап берет.

**3. Интерактивдүүлүктүн жогорку даражасы, долбоорго катышуу үчүн ага мүмкүн болушунча көп сандагы субъекттерди кошуу, субъект-субъекттик өз ара аракет.**

Долбоорду башкарууда ийгиликтин байланыштырчу "материалы" болуп анын катышуучуларынын өнөктөштүгүн түзүү, алардын балким долбоорду иштеп чыгуу, аткаруу жана ички көзөмөлдү жүзөгө ашыруу процессине дагы да жигердүү катышуусу эсептелет. Аракеттерди биргелешип пландоо жана ишти баалоо, тигил же бул өңүтү, көйгөйлөрдү жана жетишкендиктерди жакшы маанайда ачык талкуулоо, бири-бирине сый мамиле системасын түзүү, пайда болгон көйгөйлөрдү өз убагында жана конструктивдүү мүнөздө талкуулоо – мунун баары төмөнкүлөргө өбөлгө болуп берет:

– долбоордун өзүн анын катышуучулары үчүн түшүнүктүү кылат (кайда баратабыз, эмне үчүн жана кантип тигил же бул иштерди жасап жатабыз, каалаган жыйынтыкка жана максатка кантип жетебиз);

– бул долбоордун жыйынтыктоочу натыйжалуулугун жана соңку ийгилигин камсыздайт;

– андан ары биргелешкен ишке даяр болгон ынтымактуу санаалаштардын командасын түзөт.

**4. Долбоордун позитивдүү жана туруктуу социалдык жыйынтыкка жетүүгө багыт алуусу**

Жогоруда аталган үч мүнөз (долбоорду сапаттуу пландоо, ишке ашыруунун жүрүшүндө анын жогорку сезгичтигин камсыздоо жана катышуучулардын өз ара аракетинин мазмундуу интерактивдүүлүгү) долбоордун кээде алгач пландалгандан да жакшы жыйынтыкка жетүүсүн камсыздайт.

Айталы, мисалы, 2009-жылдын соңунда ушул окуу куралынын авторлору бир долбоорду ишке ашырган. Анда негизги аракет катары социалдык долбоорлорду жана программаларды баалоо жаатында адистерди даярдоо боюнча 74 сааттык окуу курсун өткөрүү каралган. Курстун маанилүү натыйжасы катары болжолдонгон, бирок көп күтүлбөгөн бир нече жыйынтык алынган. Аларга токтололу.

Биринчиден, долбоордун жүрүшүндө (окутуучу семинарлардын цикли) бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрүн социалдык долбоорлоонун негиздерине окутуунун азыркы мазмунунун өтө маанилүү өзөгү аныкталган. Буга чейин мындай даярдык Москва шаарында **долбоорлорду жазуу** жаатында гана болуп келген. Ошону менен бирге аткарылып жаткан долбоорлорду башкаруу процессинде да, контролдоочу уюмдар тарабынан мониторинг мүмкүнчүлүгүн камсыздоонун жол-жоболорунда да, ошондой эле аткарылган долбоорлордун жыйынтыктоочу натыйжаларын түзүү жаатында да бир катар олуттуу кемчиликтер аныкталды.

Ошентип долбоорлорду аткарган уюмдарды окутууда олуттуу тематикалык кеңейтүү милдети өтө маанилүү болуп эсептелет. Мындай окутуу долбоорлорду башкарууда жогоруда саналган маселелерди козгоп, өткөрүлгөн иш-чараларды жана аткарылган долбоорлордун натыйжасын жетиштүү камсыздоо, аларга сөзсүз түрдө мониторингдик жана эксперттик-аналитикалык көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырыш керек.

Экинчиден, окуу процессинде анын уюштуруучулары социалдык жактан маанилүү долбоорлорго сынак өткөрүүнүн уюштуруучулук, документациялык жана башка өңүттөрүн, долбоорду аткаруунун эффективдүүлүгүнө мониторингди жана баалоону жүзөгө ашырууну, ошондой эле жогоруда аталган жол-жоболорду жана формаларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды караштырган. Сунушталган тапшырмалардын дээрлик ар бири алардын көз карашы боюнча жакшыртууга шайкеш келген ыктымал өзүнүн сунуштарын түзүү өтүнүчү менен коштолгон. Мындан тышкары бул максат менен семинардын программасында бир аз убакыт бөлүнүп, анда угуучулар тегерек стол режиминде ушундай сунуштарды түзө алышкан. Натыйжада мындай сунуштардын комплекси топтоштурулуп, Москва шаарынын Коомдук байланыш комитетине (КБК) өткөрүлүп берилген. Ушул сунуштардын айрымдары ошол замат КБК 2010-жылдын башында Москва шаарындагы бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдар үчүн жарыялаган социалдык долбоорго сынактын материалдарын жана шарттарын даярдоодо эсепке алынды.

Ошентип долбоордун түздөн-түз жыйынтыктары социалдык чөйрөдөгү процесстерди башкаруунун сапатына таасирин тийгизген эффект да болуп калды.

Үчүнчүдөн, окуу курсун жүзөгө ашыруу процессинде анын катышуучулары арасында "Эксперт-баалоочулардын клубун" түзүү боюнча демилге көтөрүлдү. Муну да Москва шаарындагы ушундай адистердин калыптануу жана өнүгүү процессинин ийгилигине көмөкчү болгон маанилүү демилге катары эсептесе болот.

Ушундай эле демилге, бирок бул жолу өлкө масштабында Кайрымдуулук уюмдардын Улуттук ассоциациясынын "Эксперттик-аналитикалык жарандык түйүндү түзүү" долбоорунун алкагында окуудан өткөн адистерде да бар. Бул долбоор 2014-ж. социалдык багытка ээ коммерциялык эмес уюмдардын адистери үчүн сегиз федералдык округда жүзөгө ашырылды.

Мындан тышкары ушундай жамааттарды калыптандыруу КЭУ-жамаатынын жана жалпысынан жамааттын **социалдык капиталын** өнүктүрүүнүн анык элементи болуп эсептелет. Муну болсо негизги тапшырма катары эсептөөгө болот. Анын чечилиши **социалдык өнүгүүнүн** ийгилигин жана туруктуулугун аныктайт.